**М. ХАЛИКОВА, Ш. ЭРГАШЕВА**

# АДЕП
# 4

Жалпы орто билим берүүчү мектептердин
4-классы үчүн окуу китеби

*Оңдолгон жана толтурулган төртүнчү басылышы*

*Өзбекстан Республикасынын
Элге билим берүү министрлиги бекиткен*

**ТАШКЕНТ**
**«YANGIYO‘L POLIGRAF SERVIS»**
**2017**

**UO'K: 17=512.154(075.2)**
**KBK: 74.200.51**
**X 71**
**Халикова, Мохира**
**Адеп 4:** жалпы орто билим берүүчү мектептердин 4-классы үчүн окуу китеби / М. Халикова, Ш. Эргашева. - Оңдолгон жана толтурулган төртүнчү басылышы. - Ташкент.: «Yangiyo'l poligraf servis», 2017. - 96 б.
UO'K: 17=512.154(075.2)
ISBN 978-9943-4935-6-8 KBK 74.200.51ya72

**Рецензенттер**:
**С. Алимов,** филология илимдеринин кандидаты;
**Ш. Ризаев,** филология илимдеринин кандидаты, доцент;
**Ш. Эгамбердиева,** Касан районундагы 95-адистештирилген мектептин директору
**М. Рахимова,** башталгыч класстын мугалими.

## Шарттуу белгилер:

— «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинен алынган пикирлер;

— Тексттеги татаал сөздөрдүн түшүндүрмө сөздүгү;

— Өзбекстан Республикасы Конституциясынын статьялары;

— Суроо жана тапшырмалар;

— Накыл сөздөр жана Хадистер;

— Акылды курчутуучу көңүлдүү тапшырмалар.

— Өз алдынча окуу үчүн кошумча тапшырмалар

**Республикалык максаттуу китеп фонду каражаттары эсебинен басылды.**

© «Yangiyo'l poligraf servis», 2011-2017.
© М. Халикова, Ш. Эргашева, 2011-2017.
ISBN 978-9943-4935-6-8

# АЛГЫ СӨЗ

Адептүү, билимдүү жана акылдуу, эмгекти сүйгөн, ыйман-ынанымдуу перзент ата-эненин гана эмес, ошондой эле бүткүл коомдун эң чоң байлыгы болуп саналат.

Ардактуу окуучу! Колуңда турган китеп сенин 1-2-3-класстарда «Адеп» сабагынан алган билимдериңди байытат. Бул китеп менен дос тутунсаң, адеп-ахлак эрежелерин гана эмес, ошондой эле турмушта өзүң үчүн керек боло турган өтө көп нерселерди билип аласың.

Сен барган сайын чоңоюп, чоң келечекти көздөй кадам коюудасың. Мына ушул жашоо менен таанышууңда, анын тартип-эрежелерин өздөштүрүүңдө «Адеп» китеби көмөк болот.

Инсан адеби менен сулуу. Ошондуктан ата-бабаларыбыз жаштайынан илим жана адеп-ахлак эрежелерин ээлөөгө үгүттөгөн. Атап айтсак, Алишер Навайинин бай чыгармачыл мурасында адеп-ахлакка тиешелүү үлгүлүү пикирлер көп.

Ар ким жакшылыктан берсе бир белги,
Ага жакшылыктан келээр бир изги.

Сага сунушталган ушул окуу китебинде бул өңдүү баалуу пикирлер өтө көп. Сен аларды кунт менен окуйсуң жана турмушта аларга амал кыласың деп ойлойбуз.

## ӨЗБЕКСТАН – КЕЛЕЧЕГИ УЛУУ МАМЛЕКЕТ



1. Ата журтубуздан жетишип чыккан улуу инсандардан кимдерди билесиң?
2. Спорт, исскуство, илим-билим багытында ийгиликтерге жетишкен мекендештерибиз жөнүндө айтып бер.

Ата мекенибиз Өзбекстан байыркы тарыхка ээ. Бул журттан дүйнөнү таң калтырган көптөгөн аалым жана уламалар жетишип чыккан.

Ата-бабаларыбыз журт азаттыгы жана эгемендүүлүгү үчүн кылымдар бою күрөшүшкөн. 1991-жылы Өзбекстан эгемендүүлүккө жетишти.

Эгемендүүлүк жылдары журтубузда бардык тармактарда болуп көрбөгөндөй ийгиликтерге жетишилди. Жаштардын билим алуусу, өз талантын ачыкка чыгаруу үчүн шарттар жаратылды. Биз үчүн кең, жарык окуу мекемелери, спорттук машыгуу жайлары курулду.

Бүгүнкү күндө Өзбекстан бат өнүгүп жаткан мамлекеттердин бири болуп саналат. Жаштарыбыз спорт мелдештеринде журтубуздун желегин жогору көтөрүшүүдө. Ошондой эле, музыка сынактары, предметтик олимпиадаларда жогорку натыйжаларды көрсөтүшүүдө.

Мамлекетибизде өндүрүлгөн продукцияларга бүткүл дүйнөдөн талап артып барууда. Анткени алар табигыйлыгы жана сапаты менен өзгөчөлөнүп турат.

Журттун келечеги жаштардын колунда. Ошондуктан жакшы билим алып, кайсы бир кесипти ээлеп, Өзбекстандын өнүгүүсүнө өз салымыбызды кошушубуз керек.

1. Тарыхта улуу кол башчы жана мамлекеттик ишмер катары таанылган бабабыз ким?

А. Алишер Наваий
Б. Амир Темур
В. Ибн Сина
Г. Абу Райхан Беруний

2. Журтубузда гана өндүрүлгөн автомобилдердин маркасы берилген катарды тап.

А. Лада, Матиз, Дамас
Б. Тойота, Ласетти, Тико
В. Ласетти, Каптива, Малибу
Г. Эпика, Мерседес, Нексия

## МЕКЕН

**Байдылда Сарногоев**

Ак кептер койнун ээлеген,
Апамдай сүйкүм кең мекен.
Ар дайым атап атыңды,
Ар дайым толкуйм сен десем.

Атагың уккан дегдешет,
Алыстан көрүп эл келет.
Ааламда сонун жайлар көп,
Кайсысы сага теңдешет.

Тырнактай болуп жаралып,
Тууган жер көнсөң оюма,
Көрсөтөр элем дүйнөгө,
Көтөрүп жүрүп колума.

1. «Мекен» ырын кандай түшүндүң? Мазмунун айтып бер.
2. Эгемендүүк жылдарында жаш муун үчүн жаратылган мүмкүнчүлүктөр жөнүндө пикир жүргүз.
3. Өзбекстанда кандай продукциялар жетиштирилет?
4. Журтубузда кандай маркадагы автомобилдер өндүрүлөт?
5. Биз мекенибиздин өнүгүүсү үчүн кандай салым кошушубуз мүмкүн?
6. Ата-энең же ага-эжең менен эгемендүүлүк жылдарында жетишилген ийгиликтер жөнүндө маектеш. Алардан билип алган маалыматтарыңды досторуңа да айтып бер.

## ЖУРТ ТЫНЧТЫГЫ – ЭЛ БАЙЛЫГЫ

?! Кандай шартта сен билим алышың, досторуң менен түрдүү оюндарды ойношуң мүмкүн? Майрамдарды белгилөө, той-аземдерди өткөрүү үчүн эмне керек?

Мекенди чоң үй-бүлөгө окшотуу мүмкүн. Анда жашоочулар мына ушул үй-бүлөнүн мүчөлөрү болуп эсептелет. Эгерде үй-бүлө мүчөлөрү биригип, ынтымакта жашаса, мындай үй-бүлө кут-берекелүү болот, ага баары суктанат. Демек, мамлекеттин өнүгүүсү үчүн да инсандар ынтымакта жашашы керек.

Журтубуздагы тынчтык себеп билим алып, күндөлүк иштерди жасап, үй-бүлө койнунда бейпил жашап жатабыз. Тилекке каршы, мына ушундай бейпил турмушубузду көрө албай турган, ага кооп салуу ниетинде болгон караөзгөй адамдар да жок эмес. Алар түрдүү жолдор менен тынчтыгыбызды бузууга умтулушат. Биз жакшы окуп, ата-энебиз жана устаттарыбыздын сөздөрүнө кулак салсак аларга каршы күрөшкөн болобуз. Дайыма сергек болуп, чоочун, шектүү адамдардын ширин сөздөрүнө алданбастыгыбыз керек.



Мамлекетибиздин биринчи Президенти баса белгилегендей, «Эгерде биз ынтымакта болсок, эл-журттун кызыкчылыгы жолунда бир бүтүн болуп жашасак, өзүбүздөн саткын, чыккынчы чыкпаса, элибизди эч ким эч качан жеңе албайт».

1. Бүгүнкү күндө дүйнөдө болуп жаткан окуялар жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Тынчсыздык өкүм сүрүп жаткан мамлекеттердеги балдардын жашоосу жөнүндө ой жүгүрт.
3. Тынчтыкты асыроо үчүн эмнелерге көңүл буруу керек?

## УЛУУ ПАТРИОТ

Улуу ойчул Нажмиддин Кубра даанышман жана эр жүрөк инсан болгон. Чыныгы патриоттук, эрдик дегенде мына ушундай ата-бабаларыбыз көз алдыбызга келет.

Бир замандар Чыңгызхан башчылыгында монгол-татар баскынчылары журтубузга бастырып келген. Алар кыштак-шаарларды талап, күлүн көккө сапырып жатышкан эле.

Нажмиддин Кубранын илим үйрөнөм деп түрдүү мамлекеттерден келген төрт жүздөн ашуун шакирттери бар эле. Ал аларды топтоп, мындай деди:

– Журтубузга келген балээ бардык жерди жексен кылат. Ар бириң өз журтуңа карай жолго аттан.

– Улуу шайх, ат-арабалар даяр, убакытты өткөрбөй сиз да тынч жерлерге кетиңиз, – деп сурашат шакирттери.

– Мен бул согушта курман болоорумду билем, бирок өз мекенимди таштап кете албаймын. Силерге болсо ак жол, – деди шайх.

Нажмиддин Кубра элди чогултуп, Мекенди коргоого чакырды. Эки ортодо кескин күрөш башталды. Нажмиддин Кубра бир нече душманды уруп жыгытты.

Кокусунан бир жебе анын көкүрөгүнө кадалды. Күчү кетип, алсырап жатканын сезсе да, соңку тамчы каны калганга чейин согуш майданын таштап кетпеди. Ал душмандын желегин бекем кармап алган абалда жан берди.

Элдин айтымында, Нажмиддин Кубранын эрдиги жадагалса Чыңгызханды да таң калтырган экен.

Тынчтык жөнүндөгү макалдарды мазмун жагынан тиешелүүсүн тандап, улант жана дептериңе жаз.

**1) Мекениң тынч –**

**2) Тынчтык менен эл көгөрөт,**

**3) Булбул гүлзарын сүйөт,**

**4) Тынчтык –**

**а) адам мекенди.**

**б) жыргалчылыктын жолдошу.**

**в) сен тынч.**

**г) Жамгыр менен жер көгөрөт.**

1. Ата-энең менен патриоттук темасында маектеш. Маектин негизинде өзүңө жаккан үлгүлүү аңгеме, окуя же уламышты дептериңе жаз.
2. «Улуу патриот» аңгемесинен алган таасирлериңди айтып бер. Сенин оюңча, Нажмиддин Кубра эмне үчүн шакирттери менен кетпеди?
3. Тынчтык темасындагы ырлардан жатка билесиңби? Айтып бер.

## ӨЗБЕКСТАН – КӨП УЛУТТУУ МАМЛЕКЕТ



1. Өзбекстанда кайсы улут өкүлдөрү жашайт?
2. Башка улут өкүлдөрүнөн досторуң барбы? Алар жөнүндө айтып бер.

Өзбекстан – көп улуттуу мамлекет. Бүгүнкү күндө журтубузда 130 дан ашуун улут жана элеттер тынчынтымакта, жыргал турмушта жашап келишүүдө. Ар бир улут өзүнүн эзелки баалуулуктары, тарыхы, үрп-адаттары менен башка улуттардан айырмаланат. Өзбекстан меймандос, эмгекчил жана баласаак эл катары таанылган.

Согуш мезгилинде Өзбекстанга эвакуация кылынган түрдүү улутка таандык миңдеген инсандарга эли-

биз өз үйүнөн жай берди. Өтө оор шарт болушуна карабай көптөгөн өзбек үй-бүлөлөрү орус, украин, белорус жана башка улутка таандык ондогон ата-энесиз калган балдарды өз кучагына алды. Элибиз бир сындырым нанын алар менен бирге бөлүштү. Бул элибизге мүнөздүү кең пейилдиктин бир көрүнүшү эле.

Журтубузда жашоочу улуттардын өнүгүүсү, маданияты, тили, дини жана үрп-адаттарын өнүктүрүү үчүн бардык шарт-мүмкүнчүлүктөр жаратылган. Бүгүнкү күндө Өзбекстанда 150 гө жакын улуттук маданий борборлор иш жүргүзүшүүдө.

Түрдүү улут өкүлдөрү колду-колго берип эмгектенсе, тынч-ынтымакта жашаса, журт андан да абат, ал эми жашоо жыргал болот.

Конституцияда Өзбекстан Республикасы өзүнүн аймагында жашаган бардык улут жана элеттердин тили, үрп-адат жана салттары урматталышын камсыздашы, анын өнүгүүсү үчүн шарт жаратышы да жазылган.

Ыйык китептерибизде да инсан ардактуу жана ыйык саналат. Андыктан, кайсы улуттан болбосун, инсанды дайыма урматтоо, зарыл учурда андан жардамды аябоо керек.

**Улут** – тили, маданияты, тарыхы, жашаган аймагы, искусствосу, баалуулуктары бирдиктүү болгон адамдардын тобу.

**Эвакуация** – коопсуз жайга көчүрүү.

Дептериңе чакмактардагы тамгаларды туура коюп, улуттардын атын тап.

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| Ж | Т | К | А | И |
| К | З | Ө | Е | Б |
| А | К | А | З | К |
| А | Т | Р | Т | А |

## ТИЛ БИЛГЕН – ЭЛ БИЛЕТ

Сардардын эжеси Нигара коллежде окуйт. Ал абдан адептүү жана акылдуу кыз, Зулфия атындагы сыйлыктын ээси. Англис, орус тилдерин өз эне тилиндей билет. Ал интернетте Өзбекстандык жана чет элдеги достору менен кат жазышып турат. Ата-энеси, инилерине алар жөнүндө эргүү менен айтып берет.

– Эже, мен да сизге окшоп досторум көп болушун каалайм. Ал үчүн эмне кылуум керек? – деп сурады бир күнү Сардар эжесин суктануу менен угуп жатып.

– Бул үчүн тил билүүң, инсандарды чын дилден жакшы көрүүң зарыл.

– Анда мага тил үйрөнүүм үчүн жардам бересизби?

– Албетте, тил билген – эл билет. Буга өзүңдө кызыгуу жана умтулуу болсо болду. Ошондо тил үйрөнөсүң, башка элдер жөнүндө да билип аласың. Мына, мага түрдүү улутка таандык досторум өздөрү, журту жана үрп-адаттары жөнүндө бири-биринен кызык маалыматтарды жазып турушат. Кечээ досум Элиза өз Мекени – Улуу Британия, англичандардын сыймыгы болгон Биг Бен, Темза дарыясы жана Британия музейи жөнүндө жазып жибериптир. Ал музейде биздин тарыхыбызга таандык көп экспонаттар, кол жазмалар бар экен. Мен да ага Өзбекстан жана жашоо мүнөзүбүз, үрп-адаттарыбыз жөнүндө жазып жиберем.

– Эх, кандай жакшы, мен да батыраак тил үйрөнүп, досторум көбөйүшүн каалаймын, – деди Сардар көздөрү куунап.

**Биг Бен –** Улуу Британиянын борбору Лондондогу тарыхый архитектуралык эстеликтерден бири.

**Темза –** Лондон шаарынан агып өтүүчү дарыя.

1. Сардар эмне үчүн эжеси Нигарага суктанды?
2. Досторуң көп болушу үчүн эмнелерге маани берүү керек деп ойлойсуң?
3. Эгерде чет элде досуң болгондо ага эмнелер жөнүндө жазып жиберген болот элең?

# АТА-БАБАЛАРЫБЫЗ АРДАКТАГАН БААЛУУЛУКТАР






?! Сүрөттөрдө кандай улуттук баалуулуктарыбыз сүрөттөлгөн? Элибиздин кайсы баалуулуктарын билесиң?

«Баалуулук» өтө кең маанилүү түшүнүк болуп, адам жана адамзат үчүн баалуу болгон нерселерди билдирет. Баалуулук миң жылдар бою адамдар тарабынан ардакталып, муундан муунга өтүп, өркүндөп келе жаткан материалдык жана руханий байлыктар, салт жана үрп-адаттар, сапаттар болуп саналат. Ата-бабаларыбыз ата-энеге урмат, патриоттук, тынчтык, азаттык, билим алуу, мээр-акыбет, берешендик, меймандостук сыяктуу баалуулуктарды, айрыкча ардакташкан.

Бизде дүйнөнүн башка элдерине окшобой турган үрп-адат, майрам, азем жана салттар бар. Ата-

бабаларыбыз кылымдар бою белгилеп келген Нооруз майрамы ушулардын бири болот.

Нооруз табияттын ойгонуусу, изгилик, жаңылануу жана жашаруунун майрамы. Тээ байыртадан бул күнү адамдар эң жакшы адаттарын көрсөтүшкөн, кооз кийимдерин кийип жасанышкан, даамдуу тамактар даярдашкан. Азыр биз бул майрамды өтө кеңири белгилейбиз. Ноорузда чоң казанда сүмөлөк, халим даярдалат, оюн-күлкү болот, оорулуулар, көңүл буруууга муктаждардан кабар алынат.

Ашар – бабалардан муундарга өтүп келе жаткан кооз салттардан бири. Адамдар ашар жолу менен имараттар, көпүрөлөр, медресе жана мечиттер курушкан. Бул салт азырга чейин уланат.

Чоңдорду урматтоо, кичүүлөргө ызаат көрсөтүү да баалуулук болуп саналат. Тууган-уруктарды жоктоп туруу, оорулуулардан кабар алуу сооптуу иштерден болуп эсептелет.

Улуттук баалуулуктарыбыздын арасында адамды физиологиялык жана руханий чыныктырууга, эл арасында биримдикти күчөтүүгө кызмат кылуучу көкбөрү, күрөш өңдүү көөнө улуттук оюндар да бар. Бул оюндарда жеңүү үчүн адалдык, эр жүрөктүк жана эпчилдик талап кылынат.

Баалуулуктар – элдин байлыгы. Аларды ардактап, кийинки муундарга жеткирүү ар бирибиздин бурчубуз болуп саналат.

**Ашар** – арабча сөз болуп, «көпчүлүк», «жамаа», «топ» деген мааниилерди билдирет. Көпчүлүк болуп кандайдыр бир жумушту аткаруу, изгилик жана мээр-акыбетке бай баалуулук.

**Көкбөрү (улак чапмай)** – Орто Азия элдеринин байыркы жалпы улуттук оюндарынан бири. Негизинен түшүм майрамы, той жана сейилдерде өткөрүлгөн жана азыр да айрым жерлерде өткөрүлүп келинүүдө.

## АШАР – ЭЛГЕ ЖАРАШАТ

(Алишердин аңгемеси)

Биздин айылдын калкы абдан ынтымактуу. Айылдаштарыбыз жалгыз, оорулуу адамдардан кабар алууну, кыйналгандарга жардам колун сунууну өз бурчу деп билишет. Кимдир үй курмакчы же той кылмакчы болсо, бардыгы кеңешке чогулат, ар ким колунан келгенче жардам берет.

Мага айрыкча, ар жылы Эгемендүүлүк жана Нооруз майрамдарында өткөрүлүүчү ашарлар жагат. Ушул күнү эрте туруп, атам менен көчөгө чыгабыз. Айылдаштар менен бир үй-бүлө мүчөлөрүндөй бирдиктүү, колду-колго берип эмгектенебиз: көчөлөрдү, арык-каналдарды тазалайбыз, көчөт эгебиз, дарактарга форма берип, актайбыз. Кийин айыл эли дасторкондун айланасында чогулат. Баары тапканын ортого коюп, көпчүлүк менен бирге жешет.

Ашар абдан көңүлдүү иш чара. Ага ар ким өз салымын кошсом дейт. Ашар бүткөндөн соң, көчө жана үйлөрүбүздүн сарамжалдуулугун көрүп, көңүлүбүз тоодой көтөрүлөт.

1. Баалуулук дегенде эмнени түшүнөсүң? Ата-бабаларыбыз ардактаган баалуулуктар жөнүндө айтып бер.

2. Кайсы улуттук оюндарыбыз адамда марттык, адалдык, эр жүрөктүк жана эпчилдикти тарбиялоого кызмат кылат?
3. Ашар деген эмне? Сен да ашарда катышкансыңбы?
4. Чоң атаң, чоң энең же ата-энең менен баалуулуктар жөнүндө маектеш. Сага кайсы үрп-адат же салттар чоң таасир калтырды? Эмне үчүн?

## ӨЗБЕКСТАН – МАДАНИЙ ЖАНА РУХАНИЙ МУРАСТАРГА БАЙ ӨЛКӨ









1. Сүрөттөрдө маданий-руханий мурасыбыздын кандай үлгүлөрү чагылдырылган?

2. Сен жашап жаткан аймакта да байыркы эстеликтер барбы? Алар жөнүндө айтып бер.

Биз – ата-бабаларыбыз калтырган маданий жана руханий эстеликтер менен канча сыймыктансак да арзыйт. Алар жараткан чыгармалар, ачылыштар биз үчүн руханий мурас болуп эсептелет.

Тарыхта эң улуу табып катары таанылган бабабыз Ибн Сина болуп саналат. Бүткүл дүйнө медицина тармагы адистери азырга чейин анын көп томдуу «Медицинанын канондору» китебине таянышат.

Ал эми мекендешибиз Имам Бухарийдин аты бүткүл дүйнөдө урмат менен тилге алынат. Ал эң ишеничтүү хадистерди чогултуп, «Ал-Жомъе ас-сахих» китебин түзгөн. Бул китеп ислам дининде «Куран»дан кийинки маанилүү колдонмо болуп кызмат кылат.

Абу Райхан Берунийдин китептеринен байыркы заман жана адамдар жөнүндө баалуу маалыматтарды окуйбуз.

Европада ал-Фраганус наамы менен даңк тараткан Ахмад Ферганий өз ачылыштары менен дүйнөнү таң калтырган. Ал Африкадагы Нил дарыясынын суу деңгээлин өлчөөчү аспап ойлоп таап, миңдеген адамдардын өмүрүн суу ташкынынан сактап калган.

Мырза Улукбек Самаркандда обсерватория курдуруп, жылдыздар илимин үйрөнгөн. Анын «Зижи Көрагоний» аттуу китебинде 1018 жылдыздын орду так көрсөтүп берилген.

Улуу бабаларыбыздын аттары эч качан өчпөйт. Бельгияда Ибн Синага, Литвада Мырза Улукбек-

ке, Москва, Токио, Баку шаарларында Наваийге, Каир шаарында болсо Ахмад Ферганийдин урматына көркөм айкелдер орнотулган.

Журтубуз тарыхый эстеликтерге да бай. Дүйнө эли Самарканд, Бухара жана Хива шаарларын бир көрсөм деп эңсешет. Түрдүү доордо курулган тарыхый эстеликтер тарыхыбыздын канчалык улуулугунан дарек берип турат. Ошондон улам Амир Темур өзү курдурган Аксарайдын маңдайына: «Биздин күчкудуретибизге шектенсеңер, биз курдурган имараттарды көргүлө», – деп жаздырган эле.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясынын 49-статьясында ар бир жаран элдин тарыхый, руханий жана маданий мурасын асырап-абайлоосу зарылдыгы белгилеп коюлган. Мындай эстеликтер жалпы элдин байлыгы саналат жана аларды атайын жок кылуу кылмыш болуп эсептелет.

**Төмөнкү тапшырманы дептериңде аткар**

1. Медицина илиминин султаны – __________
2. ______ хадистерди чогултуп, китеп түзгөн.
3. Ахмад ал-Ферганий Европада ___________ наамы менен таанымал.
4. Мырза Улукбек ____да _______ курдурган.

1. Улуу бабаларыбыздан кимдерди билесиң? Алардын кайсы сапаттарынан өрнөк алсак арзыйт?
2. Дүйнөнүн кайсы шаарларында бабаларыбыздын айкелдери орнотулган?
3. Руханий жана маданий мурасты асырап-абайлоо дегенде эмнени түшүнөсүң?

4. Улуу бабаларыбыздан биринин өмүрү, чыгармачылыгы жөнүндө маалымат чогултуп, дептериңе жаз.

## МАМЛЕКЕТТИК ТИЛ






Алишер Наваий

Өзбекстан Республикасынын мамлекеттик тили өзбек тили болуп саналат. Өзбекстан Республикасы өз аймагында жашоочу бардык улут жана элеттердин тилдери, үрп-адаттары жана салттары урматталышын камсыздайт, алардын өнүгүшү үчүн шарт жаратат.

**4-статья.**

Мамлекеттик тил дегенде ушул мамлекеттин аймагында негизги сүйлөшүү каражаты болгон тил түшүнүлөт. Бардык мамлекеттик документтер мамлекеттик тилде жазылат, жыйындар, конференциялар ушул тилде алып барылат.

Ар бир мамлекет өз мамлекеттик тилинин тазалыгын сактап, байып баруусун камсыздайт. Мамлекеттик

тилди үйрөтүү жана окутуу үчүн өкмөт зарыл шарттарды жаратып берет.

Өзбек тили узак жана бай тарыхка ээ. Тилибиздин өнүгүүсүндө Махмуд Кашкарий, Жусуп Хас Хажиб, Ахмад Югнакий, Алишер Наваий, Бабур сыяктуу бабаларыбыздын кызматтары чоң. Айрыкча, Алишер Наваий «Хамса»дай улуу чыгарма жаратып, өзбек адабий тилинин калыптанышына баа жеткис салым кошту.

Өзбекстан Республикасынын «Мамлекеттик тил жөнүндө»гү Мыйзамы 1989-жылы 21-октябрда кабыл алынган. Ошол себептен 21-октябрды тил майрамы катары белгилейбиз.

Эгемендүүлүк жылдарында эне тилибиз ар тараптуу байыды, өнүктү. Айрым шаар, район, айыл жана маалелердин байыркы аттары кайра калыбына келтирилди. Көчө, ишкана жана мекемелердин аттары өзбекче атала баштады.

2016-жылда журтубузда Алишер Наваий атындагы Өзбек тили жана адабияты университети түзүлдү. Бул жерде өзбек тилин изилдөөчү окумуштуулар, мыкты адистер даярдалат.

Адамдын эне тилине болгон урматы ушул тилде туура жана бир кылка сүйлөшү, сулуу жана сабаттуу жазуусунда көрүнөт. Адам өз эне тилин канчалык жакшы билсе, анын байлыктарынан ошончолук пайдалана алат.

Бардык изги сапаттар инсандын дилине, оболу, эненин алдейи, эне тилинин кайталангыс сулуулугу менен сиңет. Эне тили – бул улуттун руху болуп эсептелет.

Эне тилин тереӊ билген адам мамлекетинин тарыхын да жакшы билет. Тилге көӊүл буруу, анын тазалыгын сактоо жана сылык мамиледе болуу адамдын көркү.

Ошону менен бирге, чет тилдерди билүү бүгүнкү күн жаштары үчүн өтө зарыл. Байыркы китеп – «Авесто»до мындай сөздөр бар: «Мен өз Мекенин коргой ала турган жана көп тилдерди билген перзенттеримди баркташтаймын».

Ата-бабаларыбыз «Тил билген – эл билет» деп бекеринен айтышпаган жана көп тил билген инсандарды барктапкан.

## ТИЛ ЖӨНҮНДӨ НАКЫЛ СӨЗДӨР

Наадандарча жүздөй сөздү коромжу кылбай,
Маанилүү бир сөз айткын, акылдуулардай.

**Саадий Шеразий**

Жакшы сөз жан азыгы,
Жаман сөз баш казыгы.

**Элдик макал**

**1. Кайсы ойчулду өзбек адабий тилинин негиз салуучусу катары билебиз?**

А) Захириддин Мухаммад Бабур;
Б) Алишер Наваий; В) Махмуд Кашкарий;
Г) Жусуп Хас Хажиб.

**2. Өзбекстан Республикасынын «Мамлекеттик тил жөнүндө»гү Мыйзамы качан кабыл алынган?**

А) 1989-жылы 21-октябрда;
Б) 1991-жылы 1-сентябрда; В) 1992-жылы 8-декабрда; Г) 1992-жылы 2-мартта.

1. Мамлекеттик тил дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Ислам Каримовдун «Yuksak ma'naviyat – yengilmas kuch» китебинде эне тилине тиешелүү пикирлерди окуп ал.
3. Эгемендүүлүк жылдарында эне тилибиздин өнүгүшү үчүн кандай иштер аткарылды?
4. Айланаңдагы адамдардан кимдин сүйлөшүү адеби сага жагат? Өзүңдү тил адебине амал кылып жатам деп ойлойсуңбу?
5. Тил жөнүндөгү накыл сөздөрдүн мазмунуна көңүл бур жана эстеп кал.

## ЭГЕМЕНДҮҮЛҮК ЖЫЛДАРЫНДА КАЛЫБЫНА КЕЛТИРИЛГЕН ТАРЫХЫЙ ЖАЙЛАР, ЭСТЕЛИКТЕР





1. Жогорудагы сүрөттөрдө «Hazrati Imom» комплекси жана Шахи Зинда тарыхый эстелиги чагылдырылган. Бул жайлар жөнүндө эмнелерди билесиң?
2. Тарыхый жай, эстеликтерди зыярат кылгансыңбы?
3. Ушундай жайларда болгонуңда кандай сезимде болгонсуң?

Эгемендүүлүк жылдарында Ата Журтубуздун тарыхын үйрөнүүгө өзгөчө көңүл бурулду. Анткени Президентибиз баса белгилегендей, «Өз тарыхын билбей турган, кечеки күнүн унуткан улуттун келечеги жок». Эгемендүүлүк себеп көп тарыхый жайлар, эстеликтер кайра калыбына келтирилди, улуу бабаларыбыздын сөөгү коюлган жайлар абат кылынды.

Бахауддин Накшбанд бабабыз инсандарды изгиликке, адал эмгекке жана жакшы ахлакка үндөгөн. 1993-жылда журтубузда анын 675 жылдыгы белгиленди. Азыр бул инсандын улуттук стилде кайра калыбына келтирилген күмбөзү зыяратчылар менен толо.

1998-жылы Самаркандда Имам Бухарийдин 1225 жылдык юбилейи майрам катары белгиленди. Хартаң кыштагында Имам ал-Бухарий эстелик комплекси ачылды. Ошол жылы бабабыз Ахмад Ферганийдин 1200 жылдыгы да кең белгиленди. Фергана шаарында Ахмад Ферганий атындагы сейилбак ачылып, Кува шаарында анын айкели орнотулду.

Ошондой эле Жалалиддин Мангубердинин 800, «Алпамыш» дастанынын 1000 жылдыгы белгиленди. Харезмде Мангубердинин, Термезде Алпамыштын айкелдери орнотулду. 2000-жылда ислам укук таануучусу Имам Бурханиддин Маргынанийдин 910 жылдыгы белгиленди. Маргыланда эстелик комплекси курулуп, шарттуу күмбөзү орнотулду.

Үргөнчтө 2001-жылы «Авесто» китебинин 2700 жылдыгына арналган майрамдар болуп өттү. Юбилей себеп ал жерде «Авесто» атындагы эстелик комплекси бой көтөрдү.

Кайра калыбына келтирилген эстеликтер, тарыхый жайлар ата-бабаларыбыздын рухуна болгон урматсыйдын символу болуп саналат. Улуттук руханияты-

быздын жогорулашына баа жеткис салым кошкон ба-
баларыбыз менен канча сыймыктансак да арзыйт.

**Муну эсте сакта!**

**«Авесто»** – Чыгыш элдеринин эң байыркы жазма эстелиги, зардуштийлердин ыйык китеби.

**«Алпамыш»** – түркий элдердин ири жана байыркы дастаны. Анда марттык, баатырдык, адамгерчилик, изгилик даңкталган.

**Юбилей** – улуу инсандардын туулган күнүн же куттуу даталарынын кең деңгээлде белгилениши.

**Күмбөз –** (арабча maqbara) мүрзө деген маанини билдирет. Имарат көрүнүшүндөгү курулуш жайы. Байыркы кездерде белгилүү инсандардын, окумуштуулардын мүрзөлөрүнүн үстүнө курулган.

## БОРБОРГО САЯКАТ

Жаңы окуу жылы башталышынан мурда Анваржандын атасы:

– Эгерде жыл бою эң жакшы бааларга окуп, адептүү болсоңор, жайында саякатка алып барам, – деп убада берди.

Бул сөздү уккан Анваржан менен карындашы Надира астейдил окууга киришишти. Атасы убада кылгандай, жайкы каникулда алар борбор шаар – Ташкентке үй-бүлөсү менен саякатка чыгышты. Баштап Мустакиллик аянтына барышты.

Анваржанга аянттагы Изгилик аркасы абдан жакты.

Мустакиллик жана Изгилик монументинин алдына гүл койду.

«Шахиддерди эскерүү» эстелик комплексин зыярат кылып, репрессия учурунда курман болгон ата-бабаларыбыз жөнүндө өтө көп маалыматтар алышты.

Анваржан менен Надира Хазрати Имам комплексин суктануу жана таң калуу менен көрүштү. Көк мелжиген мунаралар аларда сыймыктануу жана мактануу сезимдерин ойготту.

Кечке маал Алишер Наваий атындагы Улуттук бакта эс алышты. Мейманканага кайтаарда Анваржан атасынан сурады:

– Ата, Ташкентти айланып болдукпу?

Атасы ага жооп кайтарды:

– Жок уулум, борбор шаарыбызда көңүл бурарлык жайлар, тарыхый эстеликтер ушунчалык көп, аларды айланып чыгуу үчүн бир жума да аздык кылат. Эртең силерди Амир Темур сейил багына, Темурийлер тарыхы жана Өзбекстан тарыхы мамлекеттик музейлерине, зоопаркка алып барам. Кечинде циркке барабыз, макулбу?

– Абдан жакшы болот эле, – тең жооп беришти Анваржан менен Надира.

– Эсиңерден чыкпасын, театрга да түшүшүбүз керек, – деди апасы.

Анваржандардын үй-бүлөсү Ташкентте бир жума жыргап айланышты. Алар саякаттан кайтканда Надира:

– Мага саякат абдан жакты, досторума бул жөнүндө айтып беремин. Ата, кийинки жылы кайсы шаарга барабыз? – деп сурады.

– Насип кылса, кийинки жылы Самарканд жана Бухарага барабыз. Адамдар бул байыркы шаарларды көрүү үчүн чет элдерден келишет го, эмне үчүн биз

барбайт экенбиз? – деп жооп берди атасы.

– Ыракмат, ата. Биз да адептүү жана акылдуу бала болууга убада беребиз, – дешти Анваржан менен Надира.

1. Эмне үчүн мекенибиздин тарыхын, бабалардын мурасын үйрөнөбүз?
2. Эгемендүүлүк жылдарында кайра калыбына келтирилген кандай эстеликтерди билесиң?
3. Зыяратка баруу адеби жөнүндө чоңдор менен маектеш.
4. Өзүң жашап жаткан аймактагы зыярат жайлар жөнүндө эмнелерди билесиң?
5. «Борборго саякат» аңгемесин оку. Анваржандардын үй-бүлөсү борбор шаарыбыздын кайсы жерлеринде болушту?

## КАЙТАЛОО

Ардактуу окуучу! Өткөн сабактарда Өзбекстан көп улуттуу мамлекет экенин, анда бардык улуттар ынтымакта жашап жатканын билип алдың. Ошондой эле тынчтык эң баалуу нерсе экенин түшүнүп жеттиң.

Журтубуз байыркы тарыхка ээ. Бабалардан бизге бай руханий жана маданий мурас калган. Аларды көз карегиндей асыроо, байытуу – ар бирибиздин бурчубуз болуп саналат.

Өткөн сабактарыбыздын мазмуну Ислам Каримовдун «Жогорку руханият – жеңилгис күч» китебинен алынган төмөнкү үзүндүдө да өз чечимин тапкан: «Баарыбызга белгилүү болгондой, инсан өздүгүн, насилин тереңирээк билгени сайын жүрөгүндө Мекенге болгон сүйүү сезими тамыр атып, улгайып барат.

Бул тамыр канча терең болсо, Ата журтка болгон сүйүү да ошончо күчтүү болот.

Албетте, дүйнө – кең, дүйнөдө мамлекеттер көп, бирок бул ааламда кайталангыс Ата журтубуз, Өзбекстаныбыз жападан жалгыз. Бул кооз журт, ыйык жерге бизге гана аталган. Мына ушул улуу сезим ар бирибиздин дилибизге сиңишин, жашоо мазмунуна айланышын каалайт элем.

Тамырында улуттук сыймык, Мекенге болгон сүйүүсү ташкындаган адам гана улуу иштерди жасай алаарын тарыхый чындык көрсөтөт».

1. Тынчтыкты асыроо ар бир инсандын бурчу. Сен тынчтыкты асыроо үчүн эмнелер кылышым керек деп ойлойсуң?
2. Эл ардактаган баалуулуктар жөнүндө айтып бер.
3. Эгемендүүлүк жылдарында руханий жана маданий мурасыбызды кайра калыбына келтирүү боюнча кандай иштер аткарылды?
4. Кандай адам улуу иштерди жасай алат экен?
5. Кандайдыр бир байыркы шаар же тарыхый эстелик жөнүндө маалымат чогулт жана текст түз.

## МУРАСЫБЫЗ — СЫЙМЫГЫБЫЗ

1. Сүреттөрдө кандай искусство түрлөрү берилген?
2. Эгерде сенде мүмкүнчүлүк болгондо эмне жасаганды үйрөнгөн болот элең?






Өтө байыркы замандарда адамдар тиричилик үчүн зарыл буюмдарды, аңчылык үчүн курал-жарак жасоону акырындык менен өздөштүрүп алышкан.

Инсан дайыма сулуулукка умтулуп жашайт. Байыркы адам колдонуп жаткан аспабы кооз болсун үчүн аны оймолор менен коолдогон, түрдүү форма, түс жана жасалгалар берген. Ушундай түрдө жөнөкөй буюм же нерселер искусство даражасына көтөрүлгөн.

Археологиялык казуулар учурунда табылган үй буюмдары, жасалгалар, курал жана түрдүү буюмдар журтубуздун аймагында кол өнөрчүлүк эзелтеден эле өнүккөндүгүн көрсөтөт.

Ар бир аймакта кол өнөрчүлүктүн кайсы бир түрү көбүрөөк өнүккөндүгү кызык. Жасалган буюм же нерселер ушул аймакка гана мүнөздүү болгон жасалга жана оймолор менен кооздолгон. Мисалы, адамдын топу же тонуна карап, анын каерлик экендигин билип алуу мүмкүн болгон.

Өтмүштө бир өнөр менен алектенүүчү адамдар чогулуп жашашкан. Ошондуктан шаарларда жезчилик,

токуучулук, тон тигүүчүлүк, бычакчылык, зергерлик, топу тигүүчүлүк сыяктуу маалелер пайда болгон.

Жаангер Амир Темур алыс мамлекеттерден түрдүү кесип ээлерин жана кол өнөрчүлөрдү алып келип, кол өнөрчүлүктү өнүктүрүүгө салым кошкон.

Маргылан көп түстүү атлас жана адрастары, Бухара алтындап саймаланган буюмдары, Чуст топусу жана бычагы, Риштан карапа идиштери, Самарканд наабайчылыгы, Хива жыгач оймочулугу жана килем токуучулугу менен таанымал.

Өзбек улуттук кийимдери кооздугу менен көздү кубантат. Атлас, адрас, бейкасам сыяктуу кездемелер табигый жип жана жибектен токулгандыгы үчүн ден соолукка зыян келтирбейт.

Улуттук маталардан дизайнерлер тарабынан даярдалган кийимдер бүгүнкү күндө дүйнөнүн Милан, Париж, Токио сыяктуу мода борборлорунда көрсөтүлүүдө.

Өзбекстанда кол өнөрчүлүктүн эң байыркы жана кең таркалган түрү карапачылык болуп саналат. Карапачыларыбыз жасаган идиш жана башка буюмдар сапаттуулугу, жасалгалуулугу менен айырмаланып турган. Алар соода кербендери аркылуу башка мамлекеттерге да алып барылган.

Ата-бабаларыбыздын имарат куруучулукта да даңкы тараган. Алар курган имарат жана курулуштар дүйнө элин алигече таң калтырып келүүдө. Алебастрлөө, оймочулук, жыгач оймочулугу тармактарында өтө чоң ийгиликтерге жетишилген. Журтубузда миниатюра, каллиграфия өнөрү да узак тарыхка ээ. Камалиддин Бекзат, Мирак Наккаш сыяктуу искусство усталарынын аты бүт дүйнөгө таанымал.

Бүгүнкү күндө Мамлекетибизде элдик кол өнөрчүлүктү жана колдонмо искусствону өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл бурулууда. Борборубуздагы Мамлекеттик Колдонмо искусство музейинде элдик колдонмо искусствонун 50 дөн ашуун түрү көргөзүлүп келинүүдө.

**Миниатюра** – Колдонмо искусствонун бир түрү. Назик иштелген чакан өлчөмдөгү сүрөт өнөрү.
**Каллиграфия** – сулуу жазуу өнөрү.
**Археологиялык казылма** – тарыхый жайларда ишке ашырылуучу изденүүлөр.

## НАВАИЙ МЕНЕН СҮРӨТЧҮ

Алишер Наваий өз кийимин өзгөртүп бир жакыр жаш сүрөтчүнүн үйүнө келип, эшигин какты. Уруксат сурап үйгө кирди. Ичкериде шах Хусейин Байкаранын сүрөтүнөн да өзүнүн сүрөтү көп экенин көрдү. Таңданып, сүрөтчүдөн сурады:

– Бул сүрөттөр кимдики?

Сүрөтчү таазим менен жооп берди:

Кол өнөрчүлөрдүн атасы Наваий мырзаныкы, мен азыр ал инсандын алдында турам.

Анда Наваий мындай деди:

– Эмне үчүн ушул маалга чейин алдыма барбадыңыз?

Сүрөтчү жооп берди:

– Эгерде барсам мага көп белек бермексиз. Анда мен өз сүрөттөрүмдү Сизге гана сатмакмын. Бирок, Сиздин сүрөтүңүзгө кардар көп. Сиздин колдооңуздан көрө өз эмгегим жана мээнетим менен тиричилик кылууну туура көрдүм.

Бул сөздөн улам Наваий сүрөтчүнү колдоосуна алды. Бул жигит келечекте Чыгыштын улуу сүрөтчүсү болуп таанылган Камалиддин Бекзат эле.

Колдонмо искусство буюмдары кимдер тарабынан жаратылаарын тап жана дептериңе жазып ал.






1) сүрөтчү;
2) зергер;
3) токуучу;
4) чебер;
5) карапачы;
6) оймокер;
7) айкелчи.





1. Өлкөбүздө кол өнөрчүлүктүн кайсы түрлөрү өнүккөн?
2. Улуттук кийимдерибиздин кандай түрлөрүн билесиң? Аларды санап бер.
3. Жаш сүрөтчү эмне үчүн Наваийдин алдына барбады?
4. Өз эмгеги менен адал күн кечирүү дегенде эмнени түшүнөсүң?

## ЖУРТУБУЗДА БЕЛГИЛЕНЕ ТУРГАН ЖАЛПЫ ЭЛДИК МАЙРАМДАР. ҮЙ-БҮЛӨЛҮК САЛТТАР



1-январь

Жаңы жыл майрамы



21-март

Жалпы элдик Нooруз майрамы



1-сентябрь

Эгемендүүлүк майрамы



8-декабрь

Конституция күнү



8-март

Кыз-келиндердин күнү



9-май

Эскерүү жана кадырлоо күнү



1-октябрь

Мугалим жана тарбиячылардын күнү



Рамазан жана Курман айт майрамы

Майрамдар инсандардын турмушунда өзгөчө мааниге ээ. Мындай күндө адамдар мээримдүүлүк көрсөтүшөт, достук байланыштарын түзүшөт, изги максат жана идеялардын тегерегинде биригишет.

Ар бир элдин сүйүп белгилей турган майрам жана аземдери болот. Элибиз Жаңы жыл, Нооруз, Эгемендүүлүк, Мугалимдер менен тарбиячылардын, Кыз-келиндердин күнү сыяктуу майрамдарды, Өзбекстан Республикасынын Конституциясы кабыл алынган датаны чоң шаан-шөкөт менен белгилешет. Мындан сырткары, мамлекетибизде Орозо айты жана Курман айты өңдүү диний майрамдар да кеңири белгиленет.

«Майрам – элдин шаттык жана кубанычтуу күнү», деген эле улуу бабаларыбыздан бири Махмуд Кашкарий.

Адамдар тээ байыркы замандарда түрдүү себептер менен аземдер, иш-чаралар өткөрүшкөн. Кийинчерээк алар майрамга айланган. Мисалы, Нооруз майрамы жазгы күн теңелүү, табият эми ойгоно баштаган маалда белгиленген. Байыркы замандарда адамдар үчүн жылуу баш маанек, тамак-аш табуу өзүнчө түйшүк болгон. Андыктан жаз келип, күндүн ысышы алар үчүн чоң мааниге ээ эле жана бул күндү майрам кылышкан. Майрам күнү согуштар, чыр-чатактар токтотулган, таарынгандар элдешишкен, айыптуулардын күнөөсү кечирилген.

Элибизде муундан-муунга өтүп келе жаткан сонун салт жана үй-бүлөлүк аземдер да бар. Көпчүлүк үй-бүлөлөрдө өздөрү үчүн маанилүү болгон датаны белгилөө адатка айланган. Кээ бир үй-бүлөлөрдө чогуу отуруп китеп окушат, спорт менен машыгышат. Ата-эне жана перзенттердин чогуу бак жаратышы, кайсы бир кесип менен алектениши элибизге

мүнөздүү салт. Мындай салттар үй-бүлөнүн бекемдиги, ынтымактуулугу үчүн кызмат кылат.





## МАЙРАМДАР УЛАНАТ

**Полот Момун**

Майрамдарга майрамдар,
Уланууда, карачы.
Шаттыгыбыз бул учур,
Ыр да болуп тарады.

Майрамдарга майрамдар,
Өз ажарын чачышат.
Куттукташып адамдар,
Дилин дилге ачышат.

Майрам болуп бир шылтоо,
Шаттыгыбыз уланат.
Достор күлүп досторго,
Бекем достук куралат.

Майрамдарга майрамдар,
Уланууда, карачы.
Шаттыгыбыз бул мезгил,
Ыр да болуп тарады.

1. Өзбекстанда кандай майрамдар белгиленет?
2. Сага көбүрөөк кайсы майрам жагат? Эмне үчүн?
3. Кайсы майрам изгилик, мээримдүүлүк, берешендиктин символу болуп саналат? Жообуңду чечмелеп бер.
4. Сенин үй-бүлөңдө кандай салттар бар? Бул жөнүндө досторуңа айтып бер.
5. Майрам жана аземдерде адам өзүн кандай тутушу керек?

## МУЗЫКАНЫН АДАМДЫН ЖАШООСУНДАГЫ ОРДУ





Эл аралык музыка кароо-сынактардын жеңүүчүлөрү

Музыка менен ырга болгон жакындык инсандын дилине эненин бешик ыры менен сиңет. Бөбөк эненин алдейинин таасиринде эс алат, тынчтанат.

Жакшы музыка адамга оң таасир көрсөтүп, сезимдерин тарбиялайт, көтөрүңкү маанай тартуулайт. Музыкалык ыргак инсанды ойлоого чакырат, изгиликке үндөйт. Алишер Наваийнин ою боюнча, «Акыл-эстүү музыканттын жагымдуу аткаруусу атүгүл таш боор адамды да эритет».

Өзбекстанда музыка өнөрү өтө байыртадан өнүккөн. Самаркандга жакын жердеги Момунабат кыштагынан 3300 жыл мурда сөөктөн жасалган най аспабы табылганы мунун далили болуп саналат. Өз мезгилинде Амир Темур, Наваий, Бабур музыкант жана ырчыларга демөөрчүлүк кылышкан, өз чыгармаларында музыка жөнүндө кызыктуу пикирлерди жазышкан.

Музыка адамга таасир этип, аны улуу максаттарды көздөй жетелейт. Журтубуздун гимнин укканыбызда дилибиз сыймыкка толот. Спортчуларыбыз дүйнө ареналарында жеңишке жетишкенде да Өзбекстандын желеги көтөрүлүп, гимнибиз жаңырат.

## Өзбек жана дүйнөлүк музыка исскуствосунун өкүлдөрү



Юнус Ражабий



Мухтар Ашрафий



Мутал Бурханов



Иоганн Себастян Бах



Вольфганг Амадей Моцарт



Людвиг ван Бетховен

Байыркы мезгилдерде жоокерлерге согуш алдынан нагара, керней-сурнайлар чалып дем-күч берилген. Бул күүлөр алардын дилинде Ата Мекенге болгон сүйүүнү күчөткөн.

Адамдын турмушундагы эң кубанычтуу күн – той да ыр-күү менен шаңдуу. Бул күндө адамдар ыр ырдап, бийлеп, арман-муңдарын унутушат.

Ал эми жалпы элдик майрамдарда аткарыла турган ыр-күүлөр болсо элди биримдикке үндөйт.

Той-аземдер, майрам жана көңүл ачар иш-чаралар улуттук музыкалык аспаптар менен андан да кызыктуу болот. Доира, чанг, дутар, танбур, рубаб, кыяк, най, керней, сурнайлардын обондору инсандын жан дилине жетип барат.

Пианино, орган, скрипка, аккордеон, виолончел, флейта, кларнет сыяктуу дүйнө элдеринин музыка аспаптарынан тарала турган күүлөр да инсандын сезимине тынчтык тартуулап, дилин сулуулукка шериктеш кылат.

Мамлекетибизде музыка өнөрүн өркүндөтүү үчүн түрдүү карoо-сынактар, музыкалык жыйындар өткөрүлүүдө. «Nihol» карoо-сынагы, «Sharq taronalari» эл аралык музыкалык фестивалы мына ушулардын катарында. Ошондой эле, балдардын музыка жана искусство мектептери оңдолуп, музыкалык аспап жана жабдыктар менен камсыздалууда.

**Табышмактардын жообун тап.**

Эки даана чачы бар,
Мойну менен барабар.
Башы жок, бар кулагы,
Ал шаттыктын булагы

Колдо ойнойт эки таяк,
Көп кылдардан үнү тарап.

Өзү кичинекей
Үнү ааламга жетет.

Чакан бойлуу таягым,
Жеңил куштай таягым.
Тешигинен үйлөсөм,
Үн чыгарган таягым.

1. Өзбекстандын аймагында музыка маданияты качандан өнүгө баштаган?
2. Жагымдуу музыка адамга кандай таасир этет?
3. Дүйнө элдеринин музыкалык аспаптарынан кайсыларды билесиң? Алар менен ойнолгон күүлөрдү уккансыңбы?
4. Ата-энеңдин көмөгү менен кыргыз жана өзбек улуттук обондорунун аталыштарын дептериңе жаз.

# МАМЛЕКЕТИБИЗ АЙМАКТАРЫНДАГЫ ЫРЧЫЛЫК ӨНӨРҮНҮН ӨЗҮНӨ МҮНӨЗДҮҮЛҮГҮ

Эгерде инсандын кулагы жеңил-желпи, тартипсиз обондорго үйрөнүп калган болсо, акырындык менен анын көркөм табити, музыкалык маданияты төмөндөп кетиши, анын руханий ааламын жасалма түшүнүктөр ээлеп алышы мүмкүн.

Журтубуздагы ырчылык өнөрү узак тарыхка ээ. Байыркы адамдар эмгектенүү жараянында иш түрлөрүнө шайкеш ырлар токуп, ырдашкан. Ыр аркылуу өздөрүнө рухий көмөк беришкен, маанайларын көтөрүшкөн. Эң байыркы ырлар Махмуд Кашкарийдин «Девани лугатит-түрк» чыгармасында келтирилген. Байыркы ырлар «ыр» же «жыр» деп аталган.

Ата-бабаларыбыз бешик, той ыры, лапар, терме, айтышууларды жакшы көрүп ырдашкан, эргүү менен угушкан. Бахшылар «Алпамыш», «Гөроглу» сыяктуу дастандарды той-аземдерде кобуз же домбурада жатка айтышкан. Кээ бир ырлар доира, дутар же танбурдун коштоосунда ырдалган.

Жакшы ыр жана музыка инсандын маанайына көтөрүңкүлүк тартуулайт, нервди тынчтандырып, эстутумду чыңдайт. Ошондуктан Ибн Сина айрым ооруларды музыканын жардамында айыктырган. Ал эми Мекен жана патриоттук темасындагы ырлар инсанды толкундантат, улуу максаттарга чакырат, журт өнүгүүсү үчүн кызмат кылууга үгүттөйт.

Өзбекстандын ар бир аймагында ырчылык өзүнө мүнөздүү түрдө өнүккөн. Харезмде жаратылган ырлар ойноктугу, шаттуулугу менен айырмаланып ту-

рат. «Лязги» ырдалганда бийге түшпөгөн адам дээрлик калбайт. Ал эми Фергана өрөөнүндө «Омон ёр», «Тановар» сыяктуу ыр-обондор кең жайылган. Тарелка менен ырдалуучу чоң ырлар үчүн болсо күчтүү үн жана өзүнчө талант талап кылынган. Мамлекетибизде ырчылык жана музыканын түркүн түстүүлүгү өзбек искусствосунун бай экендигинен белги берет. Чет мамлекеттерде өзбек улуттук обондору, ыр жана бийлерине кызыгуу чоң. Өзбек музыка жана ырчылык өнөрүн өнүктүрүүдө Юнус Ражабий, Тохтасин Жалилов, Ганыжан Ташматов, Мутал Бурханов, Сулайман Юдаков, Аваз Мансуров, Диларам Амануллаева сыяктуу композиторлордун кызматы чоң.

Бүгүнкү күндө чуру-чуу жана бакырып-өкүрүүдөн турган тайыз обон жана ырлар да пайда болууда. Алар инсанга, айныкса, жаштардын руханиятына терс таасир көрсөтөт, ден соолук үчүн зыян. Адистер ушундай музыкаларды уккан балдардын эстутуму начарлап, акыл-эси акырындык менен төмөндөп бараарын далилдешкен.

Көчөдө жаштардын кулакчындар аркылуу музыка угуп жүрүшүнө тез-тез көзүбүз түшөт. Мындай адат жагымсыз абал болуп, сезгирликти азайтат, нерв оорууларын келтирип чыгарат. Ошондой эле, машина көп жолдордо көңүлсүз окуяларга, автокырсыктарга себеп болот.

Музыка тандоо жана аны угуу адеби да инсандын маданиятын белгилейт.

## КҮҮНҮН СЫЙКЫРЫ

Абу Наср Фарабий музыка илиминин өнүгүшүнө чоң салым кошкон. Бир күнү ал Дамашк амири Сай-

фуддавланын алдына келди. Амир ырчы-обончуларды чакыртты. Музыканттар кайсы обонду чалса, Абу Наср алардын катасын айтып турду.

Муну көрүп амир:

– Музыка өнөрүнөн да кабарың барбы? – деп сурады.

– Ооба, деди Абу Наср жана куржунунан бир канча таякчаларды алды.

Аларды өз ара бириктирип, андан чала баштаса, ошол жерде отургандар өздөрүн тута албай күлө башташты. Кийин окумуштуу таякчаларды башкача кылып бириктирип чалса, чогулгандар ыйлаганга өтүштү. Эми Фарабий таякчаларын дагы башкача тартипте бириктирип чалганда амирден тартып кароолго чейин катуу уйкуга кетишти. Абу Наср болсо убакыттан пайдаланып сарайдан чыгып кетти.

Уламыштарга караганда, «qonun» деп аталган музыкалык аспапты Абу Наср Фарабий ойлоп тапкан экен.

**Qonun (цимбал) —** Чыгыш элдери арасында кең таралган көп кылдуу аспап.

1. Жакшы ыр жана музыка инсанга кандай таасир көрсөтөт?
2. Сен кандай ырларды жыргап угасың?
3. «Күүнүн сыйкыры» текстин кунт коюп оку. Бир эле инструмент жардамында аткарылган күүлөр эмне үчүн адамдарга ар түрдүү таасир көрсөттү?
4. Ыр жана музыка угуу адеби жөнүндө ой жүгүрт.

## КОНСТИТУЦИЯБЫЗ – БАКТЫБЫЗ ПАЙДУБАЛЫ

Конституция мамлекеттин социалдык жана саясий системасынын, мамлекеттик органдарынын уюштурулушун жана ишин, жарандардын укук жана бурчтарын белгилеп берүүчү Негизги мыйзам болуп саналат. Бир сөз менен айтканда, конституция жашообузду укуктук жактан тартипке салып турат.

Өзбекстан Республикасынын Конституциясы 1992-жыл 8-декабрда кабыл алынган. Ал 6 глава, 26 бөлүм жана 128 статьядан турат. Жарандардын, ошондой эле балдардын укук жана эркиндиктери Конституциябыздын экинчи бөлүмүндө берилген.

**Конституция** – латынча «konstitutio» – «түзүлүш», «тартип» сөздөрүнөн алынган болуп, «белгилеймин», «бекитемин», «тастыктаймын» деген маанилерди билдирет.

Конституцияда балдардын билим алуу укугу да кепилденген. 41-статьяда «Ар ким билим алуу укугуна ээ. Акысыз жалпы билим алуу мамлекет тарабынан кепилденет. Мектеп иштери мамлекеттин көзөмөлүндө болот», – дейилген.

Мамлекетибиз жаш муундун терең билим алуусу үчүн дайыма камкордук кылат. Муну соңку жылдарда жаңы курулган жана ремонттолгон заманбап мектептердин мисалында көрүү мүмкүн. Бүгүн биз билим алып жаткан жайлар ар тараптан ыңгайлуу, кең жана жарык, бардык зарыл окуу жабдыктар жана компьютерлер менен камсыздалган.

Конституциябыз эң гумандуу жана адилеттүү мыйзам болуп саналат. Анда өз укугун коргой албай тур-

ган адамдардын кызыкчылыктары да толук кепилдикке алынган. 45-статьяда «Эрезеге жетпегендер, эмгекке жөндөмсүздөр жана жалгыз карыялардын укуктары мамлекет коргоосунда болот», деп жазылган. 2008-жылдын 8-январында Өзбекстан Республикасынын «Балдар укуктарынын кепилдиктери жөнүндө»гү Мыйзамы кабыл алынды. Бул мыйзамда да балдардын укуктары да толук кепилдикке алынган.

## КОНСТИТУЦИЯМ – БАКТЫМ

**Камбар Ата**

Мекенимди гүлгө оройт
Эркиндиктин шооласы.
Элди бакытка бөлөйт,
Эрк, адилет дүйнөсү.

Азат мамлекетимде,
Конституциям – бактым.
Мекенге кызмат кылып,
Жашоодон урмат таптым.

Баарынын укуктары,
Анык жазып коюлган.
Адал жашоо жолдору,
Мыйзам кылып коюлган.

Дайым коргоого алат,
Адамдын ар-намысын.
Жашасын эгемендүү,
Эркин, жаш өлкөм, таңым.

1. Конституция сөзү кандай маанилерди билдирет?
2. Өзбекстан Республикасынын Конституциясы качан кабыл алынган?
3. Конституцияда белгиленген кандай укуктарыңдан пайдаланып жатасың?
4. Бүгүн журтубузда балдардын бактылуу жашашы, билим алышы үчүн жаратылган шарттар жөнүндө айтып бер.

## БИЗДИН УКУК ЖАНА МИЛДЕТТЕРИБИЗ. МЫЙЗАМ-ЭРЕЖЕ, ТАРТИП ТҮШҮНҮКТӨРҮ









Сүрөттөрдө балдар кандай укуктарынан пайдаланышууда?

Өзбекстан Республикасынын бардык жарандары мыйзам алдында тең. Ар бирибиз өзүбүзгө берилген укук жана эркиндиктен пайдаланып жатып, башкалардын, мамлекет жана коомдун кызыкчылыктарына, укук жана эркиндиктерине зыян жеткирбешибиз шарт. Мисалы, ар бир жаран эс алуу укугуна ээ. Бардыгы эс алып жатканда чуу салуу, бийик музыка угуу башкалардын эс алуу укугун бузуу болуп саналат.

Өзбекстан Республикасынын жарандары жашоо, бир жерден экинчи жерге көчүү, эркин пикирлөө,

сүйлөө жана каалаган динге ынануу укугуна ээ. Ар бир инсан эмгектенүү, эркин кесип тандоо, эс алуу укугуна ээ. Журтубуздун жарандарынын тажрыйбалуу медициналык кызматтан пайдалануу, акысыз билим алуу укугу мыйзам жолу менен белгилеп коюлган.





Ар бирибиз берилген укук жана эркиндиктен пайдалануу менен бирге, бурч жана милдеттерибизди да билип алуубуз керек. Конституциянын 11-бөлүмүндө жарандын милдеттери баяндалган. Анда ар бир адам башка адамдын укук, эркиндик, кадыр-баркын урматтоого милдеттүү экени жазылган.

Элибиздин тарыхый, руханий жана маданий эстеликтерин асыроо ар бир Өзбекстандыктын бурчу. Ошону менен бирге айлана-чөйрөнү булгантпастыгыбыз, табиятка этияттык менен мамиледе болушубуз да керек. Мекенди коргоо, тынчтыгын камсыздоого салым кошуу ар бирибиздин ыйык милдет жана бурчубуз болуп саналат.

Дүйнөдө бардык нерсе тартиптин негизине курулган. Мисалы чоң жолдо бараткан автомобилдердин кыймылын көз алдыңа келтир. Жол экиге бөлүнгөн жана машиналардын өз багыты боюнча аракеттенүүсү туруктуу белгилеп коюлган. Эгерде машиналар тартипсиз аракет кылса, кырсык болот.

Коом да ушундай тартип-эрежелердин негизинде жашайт, өнүгөт. Каерде тартип болбосо, ошол жерде бузулуу, бейтынчтык болот. Андыктан, адамдардын ортосундагы мамилелерди тартипке салып туруу үчүн да туруктуу мыйзам-эрежелер керек. Ушул жагынан алып карасак, конституцияны коомду тартипке салып туруучу эрежелердин жыйындысы деш мүмкүн.

| **Өзбекстан жарандарынын укук жана эркиндиктери** | **Өзбекстан жарандарынын милдеттери** |
|---|---|
| Эмгектенүү, эркин кесип тандоо | Конституция жана мыйзамдарга амал кылуу |
| Эс алуу | Башка адамдарды урматтоо |
| Пикирлөө, сөз жана ынаным эркиндиги | Тарыхый, руханий жана маданий мурастарды асыроо |
| Акысыз билим алуу | Айлана-чөйрөгө этияттык менен мамиледе болуу |
| Сапаттуу медициналык кызматтан пайдалануу | Ата журтту коргоо, аскердик кызматты өтөө |

1. Өзбекстан Республикасынын жарандары кандай укук жана эркиндиктерге ээ?
2. Өзбекстан Республикасы жарандарынын милдеттери эмнелерден турат?
3. Тартип деген эмне? Тартип жок жайда кандай жагдай пайда болот?
4. Табиятты, айлана-чөйрөнү асыроо үчүн эмне кылуум керек деп ойлойсуң?

# БИЗ ӨЗБЕКСТАН ЖАРАНДАРЫБЫЗ




Биз Өзбекстан мамлекетинин жарандарыбыз. Жаран дегенде белгилүү бир мамлекеттин аймагында туруктуу жашоочу инсандар түшүнүлөт. Ар бир мамлекет өз жарандарын коргойт, алардын эркин жашашы, билим алышы жана эмгектениши үчүн шарт жаратат.

Мамлекет чоң аймакта жашоону туура уюштуруу, тартипке салуу жана аны башкаруу структуралары болуп саналат. Бул структуралар жалпы ат менен мамлекеттик бийлик дейилет.

Мамлекеттер байыртадан бар. Ар бир мамлекет өз башкаруу системасына ээ. Өзбекстан Республикасынын Олий Мажлиси **мыйзам чыгаруучу бийликти** ишке ашырат. Мыйзамдар элдин каалоосун эсепке алып, депутаттар тарабынан иштеп чыгылат. Ата-энебиз эртең менен туруп «Шайлоого барып келебиз», – дегенде дал мына ушул депутаттарды шайлап келишет. Депутаттар элдин ишенимдүү өкүлдөрү болуп саналышат.

Кабыл алынган мыйзам-эрежелерди турмушта колдонууга киргизүү менен **аткаруучу бийлик** алектенет.

**Сот бийлиги** мыйзамдын негизинде адилеттүү соттоону ишке ашырат. Адамдардын укук-милдеттерин коргоо да сот бийлигинин милдети.

Ошентип, мамлекеттик бийлик бүткүл коомдун турмушун тартипке салат жана көзөмөлдөйт. Мамлекетти башкаруу ишине Президент башчылык кылат. Президент мемлекеттин жетекчиси болуп саналат.

Өзбекстанда мамлекетти башкаруу элдин кызыкчылыгынан келип чыккан түрдө ишке ашырылат.

?!

1. Мамлекет дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Мамлекетти башкарууда кимдин каалоосу жана кызыкчылыктары эсепке алынат?
3. Ата-энеңден шайлоо эмне экендиги жөнүндө сура. Шайлоодо кимдер катышышы мүмкүн экен?

## ӨЗ АЛДЫНЧА ОКУУ ҮЧҮН

### АПАЛАР БЕШИК ТЕРМЕТСИН

Дүйнөдө бөбөк үчүн эң бейкапар жана жыргал жай бешик болуп саналат. Ошону менен бирге, бешик элдик колдонмо искуствонун кооз үлгүсү болуп эсептелет. Аны колунан көөрү төгүлгөн, чебер жыгач усталар жасашат.

Бешик бышык жана ден соолук үчүн пайдалуу болгон тал жана тыт дарактарынын жыгачынан жасалат. Усталар бешик жыгачтарына түрдүү оймолор оюшат, түркүн боёк жана түстөр менен кооздошот. Бул баланын көздөрүн куунатат, тынчтандырып, сулуулукту туюуга үйрөтөт.

Тал жана тыт дарактарынын жыгачы өтө бышык болгондуктан аны жонуу, жылмакайлоо, жука абалга келтирүү, оймо оюу оңой иш эмес. Мына ушундай



татаал ишти чебердик менен аткаргандыктары үчүн колдонмо өнөр усталарынын эмгегине алкыш айтсак арзыйт.

Усталардын колунан чыккан оймолуу бешикти чоң эне жана апаларыбыз жасалгалашат. Бешик үчүн жууркандар, кол боо, жаздык жана жамынчылар тигишет.

Апалар бешик терметип, перзентине бешик ырын айтат. Бешик ырында алар перзентинин өнүп-өсүшүн, келечекте жакшы инсан болушун ырдап, эң изги ниеттерин айтышат.

Элибиз тарабынан үй-бүлөдө бөбөк дүйнөгө келишинин себеби менен бешик той өткөрүлөт. Бөбөктүн чоң энеси неберем дени соо өнүп-өссүн деп кооз жасатылган бешик алып келет. Ошол күнү баары бөбөк жана анын ата-энесине жакшы тилектер билдирет, балдар куунап-ойношот.

1. Сенин үй-бүлөңдө колдонмо өнөрдүн кайсы түрүнө тиешелүү буюмдар бар?
2. Бешик ыры балага кандай таасир этет?
3. Бешик тою аземи жөнүндө айтып бер. Сен да бешик тойдо катышкансыңбы? Андан алган таасирлериңди бөлүш.
4. Конституциябызды үйрөнүү жараянында сен кандай укук жана милдеттериңди билип алдың?
5. Өзбекстанда мамлекетти башкаруу кандай тартипте ишке ашырылат?
6. Мектебиңде өткөрүлгөн кандай иш-чараларда катыштың? Анын кайсы жагы сага жакты?

# ЖУРТ ТЫНЧТЫГЫ ҮЧҮН БАРДЫГЫБЫЗ ЖООПКЕРБИЗ





Төмөнкү суроого жооп берген түрдө пикирди улант.
Эмне үчүн тынчтыкты асырашыбыз керек? Анткени...

Тынчтык – баа жеткис байлык. Тынчтык бар жерде өнүгүү, өсүү болот. Биздин жыргал жашообуз, бактылуу балалыгыбыз, заманбап мектептерде билим алышыбыз, өзүбүз кызыккан спорт түрлөрү менен алектенишибиз тынчтык себептүү болуп жатат.

Элибиз тынчтыкты сүйүүчү эл. Анткени элибиз тынчтыктын канчалык кадырлуу экендигин жакшы билет. Ата-бабаларыбыз «Журтуң тынч – сен тынч», – деп бекерге айтышпаган.

Согуш коркунучун, азап-тозокторун чоң ата жана чоң энелерибизден укканбыз, кинодон көргөнбүз. Экинчи дүйнөлүк согушка жаш жигиттер, ишке жа-

рамдуу эркектер кеткен. Талаада, завод-фабрикаларда оор эмгек карыялар, аялдар жана балдардын мойнуна түшкөн. Согушта миллиондогон адамдар курман болгон.

Бүгүнкү күндө дүйнөнүн айрым мамлекеттеринде болуп жаткан көңүлсүз окуялар ар бирибизди сергектикке үндөшү керек. Бейтынч мамлекеттерде жашап жаткан теңкурларыбыз нанга тойбойт, үстү жупун, жадагалса үйү да жок. Алардын жашоосу дайыма кооп астында. Алар билим алуунун ордуна курсак тойгузуу, жанын сактап калуу үчүн күрөшүүдө. Мындай окуялар бейпил жашообуздун баркына жетишибиз керектигин эстетип турат.

Өз киндик каны төгүлгөн, ата-бабаларынын сөөгү жаткан Ата журтту дүйнөдө теңсиз, ыйык Мекен деп биле турган адамдын максат-мүдөөсү анык, сыймыгы бийик болот.

Тилекке каршы, биздин бактылуу жана жыргал турмушубузду көрө албай турган, аны бузууга урунуп жаткан кара ниеттүү күчтөр да жок эмес. Алар ар түрдүү жолдор, жалгандар аркылуу аң-сезимибизди уулоого умтулушат. Мындайлардын чеңгелине билимсиз, көз карашы тар жаштар түшүп калат.

Биз үчүн эң жакын дос ата-энебиз, устаттарыбыз болот. Алардан эч нерсени жашырбастыгыбыз, ар бир ишти алар менен кеңешип кылышыбыз керек. Ал эми жаман ниеттүү кишилердин тузагына түшүп калбастык үчүн жакшы окушубуз, устаттарыбыз жана ата-энебиздин айткандарына дайыма амал кылышыбыз зарыл.

# АКЫЛ ЧОҢ АТАНЫН НАСААТТАРЫ

Өз Мекенин сүйбөгөн адам – жаман адам. Кимде-ким өз Ата журтун, жерин, агып жаткан сууларын, чөлдөрүн, талааларын чын жүрөктөн сүйсө, ал кем болбойт. Жамандык көрбөй, өнүп-өсөт. Мекенинен кечкен адам болсо элдин каарына учураган адам болуп саналат. Убагы келип ага жадагалса бир бөлүк жер да, кепин да буюрбайт. Бир ууч Ата журт топурагы бир ууч алтындан кымбат деп бекеринен айтышпаган.

* * *

Даанышмандан сурашыптыр:

— Сиз үчүн эң улуу жана ыйык нерсе эмне?

— Мекен, – деп жооп бериптир ал.

— Эмне үчүн?

— Себеби, ушул топурак, ушул жер – мен туулуп өскөн, киндик каным төгүлгөн жай. Ушул жердин тузун татып, суусун ичип, абасынан дем алып чоңойдум, өнүп-өстүм. Ошондуктан ал мени дүйнөгө келтирип, тарбиялап чоңойткон ата-энем сыяктуу ыйык. Атаны Мекенге, Мекенди атага салыштырылышынын себеби да мына ушунда.

1. Бейтынч мамлекеттерде адамдардын турмушу кандай кечет деп ойлойсуң?
2. Ата-энең, чоң ата, чоң энеңден тынчтыктын баркы жөнүндө турмуштук окуя айтып беришин суран жана мазмунун дептериңе жаз.
3. Тынч-бейпил турмушту асыроо үчүн биз эмне кылышыбыз керек?
4. Эмне үчүн Мекен атага салыштырылат?

# БИЗДИН АРМИЯ



1. Мекенди кимдер коргойт?
2. Мекен сакчысы – аскер кандай болушу керек?

Ар бир мамлекеттин коопсуздугун камсыздоо, тынчтыгын сактоо үчүн өз армиясын калыптандырат. Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү 1992-жылдын 14-январында түзүлгөн. Ошондуктан ар жылы 14-январды «Мекен коргоочулары күнү» катары белгилейбиз.

Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү Кургактыктагы кошуундар, Аба чабуулунан коргонуу кошуундары, Аскердик Аба күчтөрү, Атайын кошуундар, Чек ара кошуундары жана башка аскердик структуралардан түзүлгөн. Мындан көрүнүп тургандай, биздин армиябыз мамлекетибизди ар тараптуу ишенимдүү коргой алат.

Эгемендүүлүк жылдарында армиябыз ар тараптуу өркүндөтүлдү. Армия эң заманбап курал-жарактар, аскердик техника жана аспап-шаймандар менен камсыздалды, аскерлер үчүн бардык шарттар жаратылды.

Армияда үлгүлүү кызмат кылган аскерлерге жогорку окуу жайына кабыл алууда белгилүү бир артыкчылыктар берилүүдө.

Аскердик өнөр журтубузда өтө байыртадан эле өнүккөн. Жалалиддин Мангуберди, Амир Темур, Бабур сыяктуу бабаларыбыз кошуун түзүү жана аны башкаруу ишин, аскердик согуш өнөрүн мыкты өздөштүрүшкөн болчу. Амир Темур кошуун түзүп, нөкөр алууда жигиттердин күч-кубатына, эпчилдигине жана эр жүрөктүгүнө, акыл-эсине көңүл бурган.



Койнунда өстүрүп-чоңойткон, жакшы билим алуубуз, дени соо болуп өсүүбүз үчүн кайгырган Ата Мекенге кызмат кылуу биз – жаштардын ардактуу бурчубуз болуп саналат. Ал үчүн бардыгыбыз астейдил аракет кылуубуз зарыл. Үзгүлтүксүз спорт менен машыгып чыныгуубуз, предметтерди терең өздөштүрүүбүз, көз карашыбызды кеңейтүүбүз, тил үйрөнүүбүз шарт. Мына ошондо гана биз чыныгы мекен сакчысы болобуз.

## ЖУРТ САКЧЫСЫ БОЛОМУН

**Мукум Кадыр**



Көөнө Хива шаарында
Агам кызмат кылууда.
Кечээ андан кат алдык,
Жибериптир сүрөт да.
Аскерликтин кийими
Жарашыптыр ага куп.
Үстү-башы таптаза,
Төшүндө сыйлыгы көп.
Чек арачы экен ал
Чек араны коруйт сак.
Агам тынчтык сакчысы
Деди эжекем Дилдар.
Сүрөтүнө карап мен
Көп суктандым агама.
Чоңоюп, коркпос сакчы
Болом мен да Журтума.

?!

1. Өзбекстан Республикасынын Куралдуу Күчтөрү качан түзүлгөн?
2. Аскердик өнөрдү терең өздөштүргөн бабаларыбыздан кимдерди билесиң?
3. Амир Темур кошуун түзүүдө жана нөкөр тандоодо эмнелерге көңүл бурган?
4. Чоңойгонуңда армияда кызмат кылууну каалайсыңбы? Ал үчүн азыртан кандай даярдык көрүү керек?
5. Сенин оюңча, Ата журтту коргоого кимдер жоопкер?

## СЕРГЕК ЖАШОО МҮНӨЗҮ

Ар бир инсан сапаттуу медициналык кызматтан пайдалануу укугуна ээ.

**40-статья**





Улуу табып Ибн Синанын айтымында, инсандын канча өмүр сүрүшү анын өзүнөн көз каранды. Саламат болуу үчүн адам күндөлүк турмушта бир канча эрежелерге амал кылуусу керек. Эртең мененки дене тарбиясы, сейилдөө, туура тамактануу, эс алуу, спорт менен машыгуу, тазалыкка амал кылуу саламат болуу жана узак жашоонун негизги шарттары болуп саналат.

Ден соолукту сактоодо туура тамактануу өзгөчө мааниге ээ. Медицина илиминин устаттарынан бири болгон Гиппократ: «Биздин жеген тамагыбыз – биздин дары-дармегибиз болуп саналат», – деп бекерге айтпаган. Биз денебиз үчүн зарыл болгон күч-кубат жана витаминдерди тамактан алабыз. Курамында йод заты аз болгон нерсени үзгүлтүксүз жей берсек, бат талыгуучу, ачуулуу, аз кыймылдуу болуп калабыз. Темир затына бай тамак-аштарды аз жегендин натыйжасында адам каны аз, ооруга чалдыккыч, ачуулуу болуп калат.

Байыртада Чыгыш медицинасында ооруларды оболу тамак менен айыктырууга аракет кылган. Тамак-

тан айыкпаган учурда гана дары-дармек жана башка аракеттер буюрулган.

Адамдын денеси соо болсо, руху да тетик болот. Окуусу эң жакшы, ишинде өнүм болот. Кел, Самат менен Равшандын күн тартибин көрүп чыгалы.

## Саматтын күн тартиби

Самат өтө кежир жана кайсар бала. Ал күндө түн жарымга чейин телевизор көрөт. Эртең менен араң турат, шаша-буша жуунат. Кээде эртең мененки чайды ичкенге да үлгүрбөйт, курсагы ач бойдон мектепке жөнөйт. Сабактарда эстеп, сулкуйган абалда олтурат. Мугалимдин айткан сөздөрү кулагына кирбейт. Мектептен келе салып көчөгө чуркайт. Саматтын ар бир күнү ушундай түрдө өтөт. Ошондуктан анын өңү өчүңкү, тамакка болгон каалоосу жок, сабактарды өздөштүрүүсү да начар.

## Равшандын күн тартиби

Равшан болсо күн тартибине олуттуу амал кылат. Ал өз убагында уктайт. Эртең менен эрте туруп, дене тарбия менен машыгат. Тиштерин тазалап, жакшылап жуунат. Апасы даярдаган таңкы тамакты зор табит менен жеп, мектепке жол алат. Сабактарда сергек отурат, мугалимдин суроолоруна жооп берет, тапшырмаларды аткарат. Мектептен келип, үй ишине жардамдашат. Айылдагы күрөш спорт ийримине барып, достору менен бирге машыгат. Өз убагында тамактанып, сабактарын даярдайт.

Ардактуу окуучу, Самат менен Равшандын күн тартибинен өзүңө тиешелүү жыйынтык чыгарып аласың деп ойлойбуз.

## МАШЫГАБЫЗ – ЖЫРГАЙБЫЗ

**Полот Момун**

Ага-ини болуп алып,
Кийинебиз сонун, тыкан,
Биз ар күнү туруп таңда –
Машыгабыз кең майданда.
Ден соолукка умтулуп биз,
Машыгабыз – жыргайбыз биз.
Жүгүрөбүз ар тарапка,
Үлгүрөбүз көп кыймылга.
Өзүбүздү эркин коюп,
Дем тартабыз тоюп-тоюп.
Ден соолукка умтулуп биз,
Машыгабыз – жыргайбыз биз.
Кээде отуруп, кээде жатып,
Ар тарапка топту атып,
Туура, бир аз чарчайбыз биз,
Тердесек да чыдайбыз биз.
Ден соолукка умтулуп биз,
Машыгабыз – жыргайбыз биз.



1. Дени соо болуу үчүн эмнеге көңүл буруу керек?
2. Туура жана тартиптүү тамактануунун инсан саламаттыгындагы орду жөнүндө айтып бер.
3. Сен сергек жашоо мүнөзүнө амал кылып жатамын деп ойлойсуңбу? Кайсы адаттарың ден соолугуң үчүн пайдалуу, кайсы бири зыяндуу?
4. Күн тартибиң жөнүндө текст түз. Дени соо болуш үчүн дагы эмнелерге көңүл бурушуң керектиги жөнүндө ой жүгүрт.

## ЭНЕЛИК МЕНЕН БАЛАЛЫК МАМЛЕКЕТТИН КОРГООСУНДА

Перзенттер ата-энелеринин насилинен жана жарандык абалынан көз карандысыз түрдө мыйзам алдында тең болуп эсептелет. Энелик менен балалык мамлекет тарабынан коргоого алынат.

**65-статья**





Ар бир эл перзенттеринин дене тарбиялык жактан сак, руханий жактан жеткилең болуп өсүп-улгайышын каалайт.

Өзбекстанда балага али ал төрөлбөй туруп камкордук көрсөтүлөт. Ар бир облус жана райондордо уюштурулган атайын медициналык борборлордо эне жана баланын ден соолугу үзгүлтүксүз көзөмөлдөп барылат. Жаш муундун тарбиясы менен ден соолугуна чоң көңүл бурулуп жаткандыгын мамлекетибизде жылдардын төмөнкүчө аталгандыгынан да билип алуу мүмкүн:

1998-жыл – «Үй-бүлө жылы»
2001-жыл – «Эне жана бала жылы»
2008-жыл – «Жаштар жылы»
2010-жыл – «Жеткилең муун жылы»
2012-жыл – «Ынтымактуу үй-бүлө жылы»
2014-жыл – «Саламат бала жылы»

2016-жыл – «Саламат эне жана бала жылы»

Түрдүү ооруларга каршы эмдөө иш-чаралары балдардын ден соолугу үчүн зарыл. Төрөлгөн убагыбыздан ушул күнгө чейин ар бирибизде бир канча жолу эмдөө өткөрүлгөн. Бул биздин ооруубуздун алдын алуу үчүн зарыл.

Мындан сырткары ар бир окуучунун саламаттыгы мектеп медайымдарынын жана үй-бүлөлүк поликлиника дарыгерлеринин көзөмөлүндө. Алардын саламат өсүүлөрү үчүн мектептерде дене тарбия сабактары коюлган. Балдарда өздөрү каалаган спорт ийримине катышуу мүмкүнчүлүгү бар.

Мектеп окуучулары ортосунда өткөрүлө турган салттык «Umid nihollari» спорт мелдешүүлөрү уул-кыздардын дени соо, руханий жактан жеткилең болуп өсүүлөрүндө өзгөчө мааниге ээ.

## ДЕН СООЛУК – ТҮМӨН БАЙЛЫК

Өткөн заманда бир кедей жигит даанышман чалдын алдына келип:

– Ата, жегенге наным, кийгенге кийимим жок. Абдан кыйналдым, эмне кылаарымды да билбей калдым. Эми каерге барып арманымды айтсам экен? – деп наалыптыр.

– Чал ага кунт коюп карап туруп, мындай дептир:

– Макул, анда мага оң колуңду сат, канча акча берейин?

– Жок, оң колум өзүмө керек, сатпаймын, – деп жооп кайтарыптыр таң калган жигит.

– Андай болсо оң көзүңдү сат.

– Эмне үчүн көзүмдү сатат экенмин? Ал мага али керек, – дептир жигит.

Чал ушундай түрдө жигиттин дене мүчөлөрүн бир-бирден сат деп айтып чыгыптыр. Ал эми жигит болсо жок деген жоопту кайталай бериптир. Ошондо чал жигитке:

– Төрт мүчөң аман болуп туруп турмуштан эмне үчүн наалыйсың? Ден соолук – түмөн байлык го! Дениң соо болсо, колуңдан ар кандай ишти жасоо келет, күнүң өтөт. Сен жакшысы, жалкоолукту жыйыштыргын да, эмгектен, – деп кеңеш бериптир.

## САЛАМАТТЫК КААЛАСАҢ

**Абид Расул**

Саламаттык кааласаң
Эринбестен эрте тур.
Жасап дене тарбия,
Таңдан куунак күндү кур.
Тамырыңдан агып кан,
Жыргай түшөт дене – жан.
Өз маалында чай-тамак,
Ширин сөз, ширин салам.
Адал эмгек, эпчилдик,
Келтирет түмөн байлык.

1. Саламат муун дегенде эмнени түшүнөсүң?
2. Журтубузда энелик менен балалыкты коргоого алуу жаатында кандай иштер аткарылууда?
3. Сен кайсы спорт ийримине катышасың? Бул спорт түрү адамда кандай сапаттарды калыптандырат?
4. «Ден соолук – түмөн байлык» аңгемесин оку. Жигиттин кедейлигинин себеби эмнеде деп ойлойсуң? Дени соо, бирок жалкоо адам өз максатына жете алабы?
5. Өзүңө жаккан спорттун түрү боюнча маалымат чогулт жана дептериңе жазып ал.

# ӨНӨРДҮН ЖАМАНЫ БОЛБОЙТ. ӨНӨРЛҮҮ – ӨНӨӨР






1. Сүрөттөрдө кайсы өнөр-кесип ээлери көрсөтүлгөн?
2. Сен чоңойгонуңда ким болмокчусуң?

Дүйнөдө өнөр-кесиптер көп. Турмушта ар бир кесиптин өз орду, мааниси бар. Наабайчы эл дасторконун тоюмдуу жана пайдалуу нан менен камсыздаса, дарыгер оорулууларды айыктырат. Айдоочу жолун жакындатса, дыйкан таттуу коон-дарбыз, дан продукцияларын жана жашылчаларды жетиштирип берет. Уз кооз кийимдерди тигет, архитектор көркөм, салабаттуу имараттарды курат...

Ата бабаларыбыз «Өнөрлүү – өнөр», «Өнөрлүү киши кор болбойт», «Көркүнө эмес, өнөрүнө кара», «Бир жигитке кырк өнөр аз» деген макалдарды көп-көп айтышкан. Байлыкты бир саамда эле жоготуу мүмкүн. Бирок өнөр-билимди эч ким тартып ала ал-

байт. Инсан эң кыйын жагдайда да өз өнөрүн ишке салып, кыйынчылыктарды жеңиши мүмкүн.

Элестетип көр, коомдогу кайсы бир кесип же өнөр болбосо, кандай жагдай келип чыгышы мүмкүн? Эгерде айдоочу болбосо, адамдар ишке, окууга өз убагында жетип алуулары кыйын. Көчө тазалоочу болбосо, көчө жана жамааттык жайларда тартип менен тазалык болбойт.

Демек, жашоо өз нугунда жүрүшү үчүн ар бир инсан өз кесибин чын дилден аткарышы керек.

«Ар бир адам өнөр-кесипти мыктылап өздөштүрүүсү, тарбия алуусу жана жакшы кулк-мүнөз, сапаттарга ээ болуусу керек», – деген эле Абу Наср Фрабий.

Өнөр-кесиптин жаманы болбойт. Негизгиси, инсан өз ишин мыкты өздөштүрүшү жана эмгеги менен эл-журтка, үй-бүлөсүнө пайда келтириши болуп саналат.

Иштин көзүн билген, марттык жана кайраттуулуктун ээси болгон, чечкиндүү, ишкер жана сергек бир адам миңдеген тажрыйбасыз, кайдыгер адамдардан жакшыраак.

**«Темурдун түзүктөрү»нөн**

## ӨНӨРДҮН ПАЙДАСЫ

Уламыштарга караганда, Гуштосб деген падыша күндөрдүн биринде өз мекенинен айрылып, башка мамлекетке келип калат. Анын жанында эч нерсеси жок эле. Жегенге тамак таба албай, ач калды. Бирөөдөн сурайын десе, намысы жол койбой жатты. Анын эсине жаштык жылдары түштү. Ал бала чагында мектепке бара жатып, темирчинин дүкөнүнүн алдында токтоп, алардын бычак жана балта жаса-

гандарын күзөтөт эле. Ошентип, ал темирчилик сырларынан азыраак кабардар болуп калган болчу. Гуштосб көп ойлоп отурбай, темирчилердин алдына барды жана аларга мындай деди:

– Эй туугандар, мен да темирчилик сырларынан кабардармын, мени өзүңөргө шерик кылып алгыла.

Темирчилер ыраазы болушту. Ал бир аз убакыт иштеп, акча чогултту, анан мекенине кайтып барды.

Ал бийликке жетишкен учурунда жаш-карыны өнөр-кесип үйрөнүүгө чакырды. Балдарды күндүн биринчи жарымында окутуп, экинчи жарымында өнөр үйрөтүүгө буйрук берди.

**«Mashriqzamin – hikmat bo'stoni» китебинен**

## Ө Өнөр-кесип жана билим жөнүндөгү хадистер

Адамдардын жакшысы – адамдарга пайдалуурагы болуп саналат.

* * *

Илим үйрөнүү ар бир момун инсан үчүн парыз эсептелет.

* * *

Кесиптин эң жакшысы адамдын өз колу менен аткара турган иши жана адал соода болуп саналат.

* * *

Садаканын жакшысы илим үйрөнүп, кийин аны Башкаларга да үйрөтүү болуп саналат.

?! 1. Өнөр-кесиптин бирин экинчисинен жогору коюу мүмкүнбү?

2. Адам жашоодо эмнелерди жоготушу мүмкүн жана эмнелерди андан эч ким тартып ала албайт?
3. Гуштосбдун кыйын абалдан чыгып кетүүсүндө эмне жардамга келди?
4. Сен кайсы өнөрдү ээлөөгө кызыгасың? Аны мыкты өздөштүрүү үчүн эмне кылууң керек?

## КЕСИПТЕРДИН ӨЗҮНӨ МҮНӨЗДҮҮ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

Кайсы бир адам адал кесип менен дүйнө чогултуп, андан өзүнүн жана Жаратkандын башка пенделеринин тамак-ашы, кийим-кечеси үчүн сарптаса, ушулардын бардыгы ага кайыр эсебинде өтөт.

**«Хадис»тен**





Сүрөттөрдөгү кесиптердин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жөнүндө айтып бер.

Ар бир кесиптин өзүнө жараша машакаты жана жыргалы болот. Кайсы бир кесипти ээлөө үчүн терең билим, дагы кайсы бир кесиптин устасы болуу үчүн болсо туума талант же чеберчилик талап кылынат.




Мугалимдик эң ардактуу кесиптердин бири. Устат болууну дилине түйгөн инсан, эң оболу, балдарды чын дилден сүйүшү, түшүнүшү керек. Мугалим балага билим сырларын үйрөтөт, тарбия берет. Ошондуктан элибиз мугалимдерди ардактап, «Устат атаңдан улуу», дейт.



Дарыгер болууну эңсеген адам өтө зейрек, сергек жана билимдүү болушу зарыл. Анткени оорулуунун өмүрү дарыгердин колунда. Дарыгердин бир гана катасы себеп инсан бир өмүргө майып болушу же өмүрү коопто калышы мүмкүн.



Чыгармачыл адам, сүрөтчү, акын жана жазуучулар дайыма эл назарында болушат. Андыктан бул кесиптин ээлери туума талант менен бирге дагы көптөгөн сапаттарга да ээ болуулары керек. Алар элдин тарыхынан, маданиятынан кабардар болуулары



зарыл. Эмгекчилдик алар үчүн эң зарыл сапат. Себеби чыгармачылыктын бир пайызы туума талант болсо, токсон тогуз пайызы эмгек болуп саналат.

Элибиз ишкер адамдарды баалайт. Анткени алар эл, мекен үчүн чоң пайда келтиришет. Бүгүнкү күндө журтубузда ишкердикти өнүктүрүүгө көп көңүл бурулууда. Ишкерлер өз ишканаларында эл керектөөсү жана чет мамлекеттерге сатуу үчүн түрдүү продукцияларды өндүрүшүүдө.

Фермерлик да жакшы кесиптердин бири. Фермер бир гана дыйканчылык жана чарбачылыктан эле эмес, ошону менен бирге туура иш жүргүзүү, эсеп-кысап жана илим-билимдин эң жаңы ийгиликтеринен да кабардар болушу керек. Ошондо анын иштери андан да жүрүшөт.

Адам кайсы кесипти тандаганына карабай өз алдына анык максаттарды коюшу жана аны ишке ашыруу үчүн тынбай умтулуусу зарыл. Жашоодо машакаттарга чыдаган жана аларды жеңип өткөндөр гана өз кесибинин устасы катары урмат-сыйга татыктуу болушат.

1. Мугалим кандай сапаттарга ээ болушу зарыл?
2. Эмне үчүн дарыгерден өтө зейректик жана сергектик талап кылынат?
3. Сенин айылыңда да ишкер жана фермерлер барбы? Алардын иштери жөнүндө айтып бер.
4. Келечекте ким болмокчусуң? Сен тандаган кесиптин ээсинде кандай сапаттар болушу керек?

## ЭМГЕКТЕНҮҮ ЖАНА КЕСИП ТАНДОО УКУГУ

Ар бир адам эмгектенүү, эркин кесип тандоо, адилеттүү эмгек шарттарында иштөө жана мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте жумушсуздуктан коргонуу укугуна ээ болуп саналат.

**37-статья**









Мамлекетибизде ар бир инсан өзү каалаган кесипти тандашы жана ушул кесип боюнча эмгектениши мүмкүн.

Эмгек инсанды даңктайт, турмушуна мазмун киргизет. Адал эмгектенген адам чарчоону сезсе да, өзү шайдоот, маанайы көтөрүңкү болот.

Турмушта туура кесип тандоо өтө маанилүү. Анткени адам кесип ээлөө үчүн бир нече жылдык өмүрүн сарптайт. Адам өзү жактырган кесипти кызыгуу менен бат жана оңой өздөштүрөт, кийинчерээк эмгек ишмердүүлүгү да өнүмдүү болот.

Турмушта мүдүрүлбөйүн, коомго көбүрөөк пайда келтирейин деген адам жаштайынан кандайдыр бир өнөр же кесипти тандап, аны мыкты өздөштүрүүгө аракет кылышы керек. Наваий бабабыз:

«Өмүр бекер өтпөсүн, эмгек кылгын,
Эмгек бак-таалайдын ачкычы, билгин»,
– деп бекеринен айтпаган.

Журтубузда жаштардын өздөрү каалаган өнөр-кесипти ээлөөлөрү үчүн зарыл шарттар жаратылган. Бардык шарттарга ээ болгон өнөр-кесиптик коллеждерде жигит-кыздар өздөрү жактырган өнөр сырларын мыкты өздөштүрүшүүдө.

Ардактуу окуучу, сен азыр дал окуп-үйрөнө турган жаштасың. Азыртан эле өзүң кызыккан кесипти аныктап алууң жана аны ээлөө үчүн даярдык көрө баштооң шарт. Кесип тандоодо ата-энең жана устаттарыңдын пикирин, өз кызыгуу жана мүмкүнчүлүктөрүңдү да эсепке алууну унутпа.

**Төмөнкү берилген өнөр-кесиптин аттарын заманбап жана байыркы өнөр-кесиптин аттары деген эки топко бөл. Ушул өнөр-кесиптер бүгүнкү күндө да барбы? Алардан кайсылары жаңыча аттар менен аталууда?**

**Өтүкчү, инженер, программист, карапачы, топу тигүүчү, фермер, дыйкан, мискер, космонавт, айдоочу, журналист, чабан, режиссёр, ашпоз, менеджер, каллиграф (катчы), наабайчы, соодагер, казый, чебер, бизнесмен, чабандоз, вазир, дизайнер, табып, архитектор, кербен башчысы, мугалим, сүрөтчү, врач, учуучу.**





## ӨНӨР ЖАНА ӨНӨР ЭЭЛӨӨНҮН ПАЙДАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨГҮ МАКАЛДАР

Илимсизге ишеним жок,
Өнөрсүзгө кубаныч жок.

Жүз өнөрдү чала билгенден,
Бир өнөрдү толук бил.

Кунт коюп үйрөн өнөр,
Өнөрдөн ырыскың өнөөр.

Өнөрдөн өнөөр,
Эмгектен өсөөр.

Өнөр болсо колуңда,
Нан табылат жолуңда.

Өнөрү жок кишинин,
Татымы жок ишинин.

1. Эмгектенүү жана кесип тандоо укугу Конституциябыздын канчанчы статьясында жазып коюлган?
2. Инсан эмне үчүн эмгектенет?
3. Кесип тандоодо эмнелерге көңүл буруу керек?
4. Университет же өнөр-кесиптик коллеждерде билим алып жаткан ага-эжелериң барбы? Алар менен кесип тандоо темасында маектеш.
5. Макалдарды окуп маанисин чечмеле.

## КИМ БОЛСОМ ЭКЕН?
(Практикалык сабак)

### КОСМОНАВТ

**Камбар Ата**

Эч коркууну билбеген,
Эч чочууну билбеген.
Чексиздикке учкан март
Космонавт.
Алга карай умтулган,
Илим-билим чукуган.
Көккө жол салган бул март
Космонавт.

Айга алгач туу сайган,
Жашоо нугун улаган.
Космоско мээрим чачкан
Космонавт.
Окуучу мектебинде,
Илим-билим кенчинде,
Спортто болушу шарт
Космонавт.

### ЧЕБЕР КЫЗ

Көйнөктүн этегине
Гүл «эгет»,
Жибек жиптен жакасына
Гүл тигет.
Кеште саят сузане,
Курларга.

Топусунан жылмаят
Ай аста.
Чебер кыздын кесибине
Суктандык.
Ууз колу, ийнеси
Сыр сандык.

### ЧАЧТАРАЧ

**Токтосун Самудинов**

Көп тийгизер пайдасын
Жашка дагы, карыга.
Чачтарач бар мен билген
Биздин үйдөн нарыда.
Чоң күзгүсү туштагы
Коёт дагы бир карап,

Мен башбаксам эшиктен,
Кел, баатыр! – деп жылмаят.
Жайнап турат столдо
Устарасы, кайчысы...
Көз боочудай шып алат
Керек болсо кайсысы.

Бала болсун, чоң болсун,
Куудул сөзүн аянбайт.
Айтып калат: «Биле жүр
Жаман киши таранбайт».

Алып берет чачымды,
Анан себет атырды.
Сылап коюп башыман,
Жигит бол дейт акылдуу.

## МУГАЛИМ

**Абзий Кыдыров**

Окутуп көптү үйрөткөн,
Ойлонтуп көркөм сүйлөткөн.
Адептүү бол деп ар убак,
Айтканы кетпейт жүрөктөн.
Аябай акыл кеңешин,
Айдаткан билим кемесин.
Көчөдө, бакта жүрсөк да,

Көрөбүз сүйкүм элесин.
Келечек күнгө үндөгөн,
Китеп жок өзү билбеген.
Айланып бүткүл жер жүзүн,
Келгендей түгөл сүйлөгөн.
Мугалим эжем ал менин,
Актасам деймин эмгегин.

**Төмөнкү сүрөттөрдө кайсы кесиптин ээлери сүрөттөлгөн? Бул кесиптер жөнүндө эмнелерди билесиң?**














## ИЗГИ САПАТТАР – ИНСАНДЫН КӨРКҮ

1. Сенин досторуң көппү? Алар жөнүндө сүйлөп бер.
2. Досуң ката кылса, сен кандай жол тутасың?

Достукка туруктуулук инсандык сапаттардан болуп саналат. Чыныгы дос ар кандай абалда өзүн ишенимдүү тутат. Инсан жакшылык күндөрүн достору менен өткөрсө, жыргалчылыгы артат. Башына оор күн түшкөндө досунун жардамына таянат.

“Дарак тамыры менен, адам достору менен”, деген макал бекеринен айтылбаган. Дарактын тамыры канча бакубат болсо, шамал жана бороондорго чыдамдуу болот. Инсандын достору канча көп болсо, жашоосу ошончо мазмундуу өтөт. Досторунун жардамында турмуштун сыноолорун жана кыйынчылыктарын жеңет.

Досуна кыянаттык кылган адамга урмат жана ишеним жоголот. Достукка туруктуу болуу биздин инсандык бурчубуз болуп саналат.

Жашообузда биз өтө көп адамдардан жакшылык көрөбүз. Ата-энебиз, жакындарыбыз, устаттарыбыз бизге жакшылыкты гана тилешет. Адам өзүнө кылынган жакшылыктарга албетте жакшылык менен жооп кайтарышы зарыл.

Бирок жамандык кылгандарга кандай түрдө жооп кайтаруу керек? Жамандыкка жакшылык менен жооп берүү баарынын да колунан келе бербейт. Эгерде сага кимдир бирөө жамандык кылса, канчалык кыйын болсо да, ага албетте жакшылык менен жооп

кайтар. Ошондо ал кылган ишинен бушайман болот, уялганынан экинчи ирет жамандыкка кол урбайт. «Темурдун түзүктөрү»ндө мындай сөздөр бар: «Мени көрө албай, өлтүрмөкчү болгондорго ушунчалык көп белек-бечкектер берип, жакшылык, сый-урмат көрсөттүм, бул жакшылыктарды көрүп, алар кыжаалаттыктан терге батышты». Мындан көрүнүп тургандай, Амир Темур бабабыз өзүнө душмандык кылган адамдарга да жакшылык кылып, аларды туура жолго баштаган. Даанышмандардын төмөнкү сөздөрүн дайым эсте сактообуз керек:

Жашоодо табайын десең амандык,
Бирөөгө жасаба кылча жамандык!

## ЖАКШЫЛЫК





Жылдыз чоң энесине мындай деди:

– Чоң эне, устатым жакшылык жөнүндө текст түзүп келүүнү тапшырган. Бирок мен эмне жазууну билбей жатам. Сураныч, жардам бериңиз.

– Устатың өтө маанилүү тапшырма бериптир, кызым. Дүйнө жакшылык менен куттуу. Жашоодо адамдар бири-бирине жакшылык кылып жашоолору зарыл. Жакшылыкка жакшылык, жамандыкка болсо жамандык кайтат.

Сага бир аңгемени айтып берейин. Ак көңүл арстан бир күнү мышыктын чеңгелинен куткарып,

чычканга жакшылык кылыптыр. Арадан бир нече күн өтүп, арстан аңчынын тузагына түшүп калат. Арстандын жакшылыгын унутпаган чычкан курч тиштери менен тузакты кыркып, аны бошотуп жибериптир. Көрдүңбү, жакшылык жоопсуз калбайт.

– Чоң эне, неге адамдар бир-бирине жамандык кылат?

– Бирөөгө жамандык кылуу эң оор күнөө. Жаман адамдар кылган жамандыктарынын жазасын сөзсүз тартышат. Эгерде кимде-ким билип-билбей күнөө иш кылып койсо, аны жууш үчүн артынан кандайдыр бир сооп иш да жасашы керек. Сооп иш кылса, адамдын өзү да кубанат. Жакшылыктын да, жамандыктын да чоң-кичинеси болбостугун унутпа.

– А мен кимге жакшылык кылсам экен? – деди Жылдыз чоң энесинен сөздөрүнөн таасирленип.

– Азырынча сенин жакшылыгың адеп-ахлагыңда, жакшы окууңда, ата-энең, устаттарыңдын тилин алууңда болот. Али жашооң алдында, балам. Көп жакшылыктар кылууга үлгүрөсүң, – деди чоң энеси анын башын сылап.

?!

1. Жакшылык дегенде эмнени түшүнөсүң? Сага да кимдир бирөө жакшылык кылганбы?
2. Эмне үчүн акылмандар жамандыкка жакшылык менен жооп кайтаруу керектигин уктурушат?
3. Аңгемени окуп, мазмунуна көңүл бур. Жылдыздын чоң энеси жакшылыктын пайдасы, жамандыктын зыяны жөнүндө эмнелерди айтты?
4. Аңгемеден өзүңө кандай жыйынтык чыгардың?

# РУХАНИЯТ АДАМДЫ УЛУУЛАЙТ

Инсандын кандай экендигин анын сөздөрүнө, жүрүм-турумуна, жасап жаткан ишине карап билип алууга болот. Дүйнө карашы кең, руханияты жогору инсандар айланасындагыларга жакшылык тилешет, эл-журттун өнүгүүсү үчүн кызмат кылышат. Дүйнө карашы тар, руханияты тайыз адамдар болсо өздөрүн гана ойлошот.

Руханият – инсанды рухий жактан арууланыу, чын дилден улгаюуга чакыра турган, адамдын, ички дүйнөсүн, эркин бакубат, ыйман-ынанымын бүт кыла турган, ыйманын ойгото турган теңдешсиз күч, анын бардык көз караштарынын таразасы болуп эсептелет.





Руханиятты жогорулатуу үчүн көп окуп-үйрөнүүбүз, дүйнө карашыбызды байытуубуз шарт. Мында бизге китептер жардамга келет. Китеп – инсандын эң жакын досу, шериги. Тилекке каршы, айрым теңкурларыбыз баалуу убактысын бекерчи иштер менен өткөрүүдө. Келечекке пайдубал коё турган дал ушул жашта убактыбызды пайдалуу иштерге сарптоо, билим алуу, көп китеп окуу эң туура жол болуп саналат.

Мамлекетибизде жаштарга өз жөндөмүн ишке ашыруу үчүн бардык мүмкүнчүлүктөр жаратылган. Шаар жана кыштактарыбызда музыка жана искусство мектептери, спорт ийримдери, балдардын чыгармачылык борборлору иш жүргүзүшүүдө.

Дүйнө караштты байытууда тил үйрөнүү өзгөчө мааниге ээ. Эне тилинен сырткары дагы үч-төрт тилди билгенге эмне жетсин?

Ата-бабаларыбыз калтырган руханий-маданий мурас менен да таанышуубуз керек. Анткени тарыхыбызды канчалык көп билсек, кимдердин муундары экенибизди билип барабыз жана аларга татыктуу болууга умтулабыз.

Ошону менен бирге, дүйнө элдеринин тарыхы, маданияты, үрп-адаттарынан жана заманбап илим-билим ийгиликтеринен да кабардар болушубуз зарыл.

## МИҢ АЛТЫНГА ТЕҢ НАКЫЛ СӨЗ

Бир күнү атабыз – Амир Тарагай баатыр көп койлорду мага берип, Самарканд базарына соодага жиберди. Койлордун баарын миң алтынга сатып, акчаларды белге байлап, сейилдеп жүргөн элем. Бир жерде мукам үндүү дербиш адамдарга сүйлөп турган экен: колунда ыр жазылган кагаз. Ал мындай деп жатты:

– Ушул жазуунун кадырына жетип, ким миң алтынга алса, дүйнөнүн аягына жетет...

Берешендигим тутуп, миң алтынды дербишке карматтым. Ал мага тигилип турду да, соң насилимди сурады. Айттым.

Соң дайындады:

– Бул катты атаңдын алдында оку, барганча ачпа...

Кагазды келтирип, атама бердим. Ачып окуду. Фарсча рубаий экен – мааниси төмөнкүчө: «Зулум менен дүйнөдө наам калтырып болбойт. Жамшид, Сулайман, Искендер өтүп кетти, кезек сага да жетиши дайын. Дүйнөгө келдиңби, жакшылык менен наам калтыр»...

Рубаийнин автору – ошол дербиш-окумуштуу Камал Хожандий экен. Ал инсанды атам өтө урматтачу экен.

– Баракелде, уулум, алтындарды өтө жакшы ишке сарптапсың. Эми миң алтынга алган ушул накыл сөзгө олуттуу амал кылышың керек...

Атамдын айткандарына амал кылып жүрдүм.

**«Темурдун түзүктөрү»нөн**


**Дербиш** – журт кезип, диний билимдерди үгүттөөчү.
**Рубаий** – төрт катардан турган үлгүлүү ыр.
**Жамшид, Искендер** – күч-кудуретте теңдешсиз уламыштагы падышалар.
**Сулайман** – пайгамбар жана падыша.

1. Инсандын руханиятынын жогору экендигин кандай билип алуу мүмкүн?
2. Дүйнө карашыбызды кеңейтүү үчүн эмне кылышыбыз керек?
3. Руханиятты жогорулатууда китептин орду жөнүндө айтып бер.
4. Амир Темур миң алтынга сатып алган ырда кандай сөздөр жазылган эле? Сенин оюңча, бул сөздөр миң алтынга арзыйбы?

## НЕ ДЕШ КЕРЕК?

**Жумакан Тынымсеитова**

Апаң сенин базардан,
Алма сатып алып келди.
Эң жакшысы, кызылынан,
Сага тандап, бирди берди...
– Эмне деш керек?
– «...» деш керек.
Балдар жүрсө көчөдө,
Угулат ызы-чуу, айкай.
Сен чыгып кокус бирөөнү,
Түртүп кеттиң байкабай...
– Не деш керек?
– «...» деш керек.



«Жүрөктө тил найзасынын жарасы бүтпөйт, ошондой эле бул жарага эч нерсе дары боло албайт. Кайсы жүрөктө тил найзасынын жарасы бар болсо, ага бир гана жакшы сөз менен тил дары жана ыракат болот. Сылык сөз жырткычтарды доско айландырат, сыйкырдуу үн менен дуба окуп, жыланды уясынан чыгарат». Бул накыл сөздөрдү Алишер Наваий биз муундарга мурас калтырган.

Чындыгында, дененин кандайдыр бир мүчөсү жаракаттанса, ага дары коёбуз. Жаракат айыккандан соң, унутабыз. Кимдир бирөө дилибизди оорутса, жаман сөз менен акаарат кылсачы? Бул, инсандын эсинен чыгышы кыйын.

Тил адамдын досу да, душманы да болуп саналат. Душманга сылык сөз айтып, доско айландыруу,

доско ачуу сөз айтып, аны дароо душманга айландыруу мүмкүн. Орунсуз сөз сүйлөөчүнүн башына балээ болот. Ошондуктан ар бир сөздү ойлоп, кийин сүйлөшүбүз керек.

Тилдеги ар бир сөздүн өзүнө жараша сыйкыры, күчү бар. Инсанга оң таасир кыла турган ушундай бир сөздөр бар: «Ассалоому алейкум», «кечириңиз», «сураныч», «ыракмат», «макул», «угуп жатам», «саламатта болуңуз» сыяктуу сөздөрдү мүмкүн болушунча көбүрөөк колдонгон жакшы.

Өзбек эл жомокторун бир эстеп көрчү. Жомок каармандары айткан бир гана «Ассалоому алейкум» сөзү алардын өмүрүн сактап калат. Бул сыйкырдуу сөз себеп жез кемпирдин таш жүрөгү эрип, «Ак саламың болбогондо, эки жалмап бир жутмакмын», дейт. Анекдоттор каарманы Насирдин апендини да бардыгыбыз жакшы билебиз. Ал ар кандай кыйын абалдан тапкычтыгы жана зейректиги менен чыгып кетет.

Мамиле адеби адамдын көркү болуп эсептелет. Үй-бүлөдө, тууган-уруктар, достор менен маектешкенде ага олуттуу амал кылуу керек. Байыркы китеп – «Авесто»до инсан өмүр бою изги пикир, изги сөз, изги иштерге таянып жашашы керектиги уктурулат.

Жашоодо ийгиликке жетем десең, мамиле адебине амал кыл.

## ТИЛИН АБАЙЛАГАНДЫН БАШЫ АМАН БОЛОТ

Окуу жана билимдин тилмечи, котормочусу тил болуп саналат. Адамга жарыктык, жакшылык жана

изгиликтер тил аркылуу келет, муну жакшы билип алуу керек. Кут-берекени да, кадыр-баркты да адам тил аркылуу табат. Эгерде тилге көңүл бурулбаса, аны орунсуз колдонсо, адамдын башынын жарылышы эч нерсе эмес.

Тил арстанга окшоп жатат капаста,
Кабарсыздын башын жутат заматта...
Башым жарылбасын десең сөзүңдү тый,
Тишим сынбасын десең тилиңди тый...

Эч качан көп сүйлөбө. Өтө аз сүйлө. Аз сөзгө көбүрөөк маани сыйдыруу аракетинде болгун. Себеби:

Киши сөз аркылуу улук болот,
Ашыкча сөз бул башты төмөн кылат.

Артыкча айтылган сөз адамдын дилине оор батат. Бирок сүйлөбөстүк да мүмкүн эмес. Бул жагдайда дудук деген атты арттырып алуу мүмкүн. Ошондуктан орточо жол тутуу керек.

Тилиңди абайласаң аман болот башың,
Сөзүңдү абайласаң узун болот жашың.

**«Кутадгу билиг» чыгармасынан**

?!

1. «Тил инсандын досу да, душманы да» деген пикирди чечмеле.
2. Сен кандай сыйкырдуу сөздөрдү көп колдоносуң?
3. Ойлобостон айтылган сөз кандай кесепеттерге алып келиши мүмкүн?
4. Досторуңдун кайсы сапаттарынан өрнөк алууң мүмкүн?

## МЕКТЕП – ЭҢ КУТТУУ ТУРАК




1. Неге мектепти билим уясы дешет?
2. Сен мектепке кандай максатта келесиң?
3. Кайсы предметтер сага көбүрөөк жагат? Неге?

Даанышмандар «Дүйнөдө эң ыйык жай каер?» деген суроого, «Мектеп» деп жооп беришкен. Анда, эмне үчүн мектеп? Анткени бул жерде журттун келечеги болгон жаш муунга таалим-тарбия берилет. Мектепте сабатыбызды чыгарабыз, билим алабыз, дүйнөгө болгон көз карашыбыз калыптанат.

«Илим үйрөнүү ар бир момун инсан үчүн парыз эсептелет», «Бешиктен бейитке чейин илим изде», «Бир саат илим үйрөнүү бир кечелик ибадаттан артыгыраак» дейилет хадиси шарифтерде. Ата-бабаларыбыз илимдин баркын терең билишкен, адамдарды илим үйрөнүүгө үндөп келишкен.

Билим алуу ийне менен кудук казгандай машакаттуу. Сабыр, чыдам, кунт менен окуган адам сөзсүз максатына жетет.



Мектептин босогосуна кадам койгонубузда устатыбыз бизди мээримдүүлүк менен күтүп алды. Колубуздан кармап, билимдер ааламына алып кирди, окуу-жазууну үйрөттү.

Өмүрүбүздүн тогуз жылы куттуу мектебибиздин кучагында өтөт. Бул жылдардын ичинде илим алуубуз, окуп-үйрөнүүбүз үчүн өз ишине берилген мугалимдерибиз жан күйдүрүшөт.

Экинчи үйүбүз болгон мектеп жана андагы ар бир нерсе-буюм жалпы мүлкүбүз. Аны көз карегиндей асыроо, ини-сиңдилерге бүтүн абалда калтыруу бурчубуз болуп эсептелет.

Ар бирибиз мектепте орнотулган тартип-эрежеге олуттуу амал кылышыбыз керек.

Заманбап, көркөм мектептерде билим алып жатканыбыз Мекенибиздин бизге көрсөтүп жаткан камкордугу болуп саналат. Биз буга жооп катары жакшы окушубуз, үлгүлүү кулк-мүнөзгө ээ болушубуз шарт.

Азырынча биздин эң негизги милдетибиз окуу. Жакшы окуп, келечегибиз үчүн пайдубал коюшубуз керек. Бүгүн алып жаткан билимдерибизди келечекте үй-бүлөбүз жана журтубуздун өнүгүшү үчүн колдонобуз. Журтубуз өнүксө, жашообуз андан да жыргал болот.

## Окумуштуулар билим жана анын пайдалары жөнүндө

Окуу кайда болсо, улуулук болот,
Билим кайда болсо, бийиктик болот.

**Жусуп Хас Хажиб**

Аз-аз үйрөнүп аалым болот,
Тамчы-тамчы жыйылып дарыя болот.

**Алишер Наваий**

Илимден жакшыраак казына барбы,
Колуңдан келгенче тергин аларды.

**Абдулла Рудакий**

1. Эмне үчүн мектепти куттуу жай дейбиз?
2. Мектеп мүлкү дегенде эмнени түшүнөсүң?
3. Жакшы окуп, эртеңки күнгө пайдубал коюу дегенде эмнелер көздө тутулат?
4. Өзүң билим алып жаткан мектеп жөнүндө айтып бер. Анын кайсы жактары сага жагат?
5. «Менин сүйүктүү устатым» темасында текст түз.

## АДЕП-АХЛАК ЭРЕЖЕЛЕРИ
### (Практикалык сабак)





Ар бир улуттун кылымдар бою калыптанган адеп-ахлак эрежелери бар. Аларда ушул улуттун кулк-мүнөзү, табияты, максат-умтулуулары, ниеттери өз чечимин табат.

Чыгыш элдери байыртадан жамаа болуп жашоого адаттанган жана айланадагылардын пикирин урматтаган. Алар «Бир балага жети коңшу ата-эне» деген накыл сөзгө амал кылышкан. Баланын адеп-ахлагына ата-энеси гана эмес, бүткүл маале эли да өзүн жооптуу деп эсептеген. Баланын тарбиясына чоң көңүл бурган ата-бабаларыбыз акыл-насаат берүүчү чыгармаларды көп жазышкан.

Ата-эне жана чоңдорго урмат, кичүүлөргө ызаат, сылык мамиледе болуу, меймандостук, эмгекти сүйүүчүлүк – бул элибиздин негизги ахлактык критерийлери болуп саналат.

Хусайн Ваиз Кашифий «Футувватномаи Султоний» аттуу чыгармасында жаштар амал кылышы керек болгон маектешүү адебинин төмөнкү сегиз эрежесин санап өтөт:

– сурамайынча сүйлөбөстүк;
– сүйлөп жатканда, үнүн бийик көтөрбөстүк;

– сүйлөп жатканда, оң-солго карабастык;
– кара өзгөй жана какшык сөздөрдү сүйлөбөстүк:
– катуу сүйлөбөө жана бетке чабаарлык кылбоо;
– бушайман болбостук үчүн ойлоп сүйлөө;
– адамдардын сөзүн бөлбөстүк;
– көп сүйлөбөстүк. Себеби көп сүйлөө акылы жардылыктын белгиси болуп эсептелет. Аз болсо да, бирок эптүү сүйлөөнү ураан кылуу керек...

«Эгерде жакшы сөз кайсы деп сурашса, адамдарга пайдасы тие турган сөз деп айткын. Жаман сөз кайсы деп сурашса, бирөөгө зыяны тие турган сөз деп жооп бергин», деп насаат кылат ойчул.

## НАСААТТАР

Ата-энеңдин сөзүн ук,
Айткандарын эсте тут.
Мал-дүнүйөң көбөйсө,
Кетпе балам кутуруп.

* * *

Улуу сени чакырса,
Дароо чуркап жетип кел.
Кыйын күндө бир болгун
Кадырман журт, тууган эл.

Кең тигилген тон тозбос,
Кеңештүү иш да тозбос.

* * *

Баатыр жоодо,
чечен доодо сыналат.

* * *

Адептүүлүктүн башаты
тил.

**«Девани лугатит-түрк» чыгармасынан**

## АХЛАК

Суу, Жалын жана Ахлак – үчөө дос болушат. Бир күнү алар сейилге чыгышат. Бири-биринен кабатырланып, Суудан сурашыптыр:

– Эгер жоголуп калсаң, сени каерден табабыз?

– Каерде шаркыраган үн уксаңар, мен ошол жерде боломун, – дептир Суу.

Андан соң Жалындан сурашыптыр:

– Сени жоготуп койсок каерден табабыз?

– Каерде түтүн болсо, мен ошол жерде боломун, – дептир Жалын.

Кезек Ахлакка келгенде ал мындай жооп бериптир:

– Мени жоготсоңор, издеп жүрбөгүлө. Эч жерден таба албайсыңар.

**«Sirli, ibratli va hayotiy hikoyalar» китебинен**

1. Эмне үчүн Чыгыш элдери, атап айтсак, ата-бабаларыбыз адеп-ахлакка өзгөчө көңүл бурушкан?
2. «Адепти адепсизден үйрөн» деген макалды кандай түшүнөсүң?
3. Жакшы инсан кандай сапаттарга ээ болот?
4. Хусайн Ваиз Кашифий маектешүү адебинде эмнелерге амал кылуу керектигин уктурган?
5. Ахлактын «Мени жоготсоңор, издеп жүрбөгүлө. Эч жерден таба албайсыңар», деген сөздөрүнөн кандай жыйынтык чыгаруу мүмкүн?
6. Дептериңе мүнөзүңдөгү жакшы жана жоготушум керек деп ойлогон адаттарыңды жаз.

## ЖАЛПЫЛАШТЫРУУЧУ САБАК

### БИЛИМДИН КҮЧҮ

**Индия элинин баалуу жазма эстелиги «Махабхарат» дастанында үлгүлүү бир аңгеме бар. Анда Юдхиштхира өз инилерин өлүмдөн сактап калуу үчүн токой дөөсүнүн суроолоруна жооп берүүсүнө туура келет.**

«... Юдхиштхира үн келген тарапка жүрдү жана кокусунан дарактардын коюу жалбырактарынын арасында турган токой дөөсүнө көзү түштү. Анын бою пальмадай келчү, денеси жалындай күйүп, нур таратып турчу, көздөрү тоголок, көз ирмебейт эле. Ал күчтүү шаркыратманын шоокумун эстетүүчү күркүрөгөн үн менен сурады:

– Сен жооп бересиңби? Же ушул жерде түбөлүк калмакчысыңбы?

– Сурай бер, – деди Юдхиштхира.

Токой дөөсү суроо берүүгө үлгүрбөй эле даяр жоопторду ала баштады.

– Кантип акылдуу болуу мүмкүн?
– Акылдуулар менен маекте.
– Жоокер үчүн эң баалуу нерсе эмне?
– Курал.
– Жер айдоочу үчүн эң зарыл нерсе эмне?
– Жамгыр.
– Үрөн себүүчүгөчү?
– Үрөн.
– Эмне асмандан да жогору?
– Ата.
– Эмне шамалдан да тез чуркайт?
– Пикир.
– Эмне көзүн жумбай уктайт?
– Балык.

– Эмне төрөлгөндөн соң кыймылдабайт?
– Жумуртка.
– Суунтан адамды эмне сактайт?
– Жалын.
– Атанын жан-дили ким болушу мүмкүн?
– Перзент.
– Эң жакшы байлык эмне?
– Билим.
– Кандай оорунун дабаасы жок?
– Ачкөздүк.
– Эй, адамзаттын эң акылдуусу, сен менин бардык суроолорума туура жооп бердиң».

Ушул сөздөрдү айтып токой дөөсү көздөн кайым болду.

## АТАГА УРМАТ-СЫЙ

**Белгилүү өзбек жазуучусу Пиримкул Кадыровдун «Жылдыздуу түндөр» чыгармасы улуу бабабыз Захириддин Мухаммад Бабур жөнүндө. Бабурдун кызы Гүлбаданбегим да белгилүү акын жана тарыхчы катары таанылган. «Жылдыздуу түндөр» романынан алынган төмөнкү үзүндүдө 5 жашар Гүлбаданбегимдин ата-энесине урмат-сыйы өтө назик баяндалган.**

...Бабур кызын колунда көтөрүп алып, маңдайынан өптү, анан дасторкондун алдына келип, аны тизесине алып олтурду...

– Эмне жейсиң, – деп сурады.

Гүлбадан адеп менен баш чайкады – ал падыша атасынын алдында тамак чайнап отуруудан уялат эле. Бирок атасынын алтындап саймаланган кымбат баалуу тонундагы топчулар аны абдан кызыктырып койду...

– Сага топчулар жактыбы? – деп сурады атасы. Гүлбадан «ооба», деп жылмайды...

Бабур куруна асылган кындан кичинекей макисин алды да, ошол топчуну жибинен кыркып алып, кызына берди:

– Бирок жоготпо. Бул куш – Хума. Теңирим сага бакыт келтирсин.

Гүлбадан кубанып жана толкунданып:

– Ыракмат, улуу урмат... – деди да, бирок сөздүн аягын бир аз келиштире албады.

– Мени ата дей бер, кызым.

Гүлбадан апасы Махымбегимге суроолуу көзү менен карады. Махым «ооба, айт» дегендей баш ийкеди. Ошондо Гүлбадан колдору менен атасынын моюнунан кучактады да:

– Атаке! – деп анын жүзүнөн өптү.

**Або** – эркектердин байыркы үстүңкү кийими

1. Билим инсандын жашоосунда кандай мааниге ээ?
2. Инсандын мамилесинен анын кандай экендигин билип алуу мүмкүнбү?
3. Текстти кунт коюп оку. Гүлбаданбегимдин адеби кайсы кыймыл-аракеттеринде байкалды?
4. Жайкы каникулда адеп-ахлакка тиешелүү китептерди оку. Алардан өзүңө жаккан аңгеме, жомок жана рабаяттардын мазмунун дептериңе жаз.
5. Мекен, тынчтык жана достук жөнүндөгү ырлардан жаттап ал.
6. Өнөр жана анын пайдалары, эмгекти сүйүүчүлүк жөнүндөгү макалдардан чогулт.

## МАЗМУНУ

### I БӨЛҮМ. ӨЗБЕКСТАН – МАДАНИЙ ЖАНА РУХАНИЙ МУРАСТАРГА БАЙ ӨЛКӨ

Өзбекстан – келечеги улуу мамлекет ........................ 4
Журт тынчтыгы – эл байлыгы ......................................... 7
Өзбекстан – көп улуттуу мамлекет ............................10
Ата-бабаларыбыз ардактаган баалуулуктар ............. 14
Өзбекстан – маданий жана руханий мурастарга
бай өлкө ...................................................................... 17
Мамлекеттик тил .......................................................... 20
Эгемендүүлүк жылдарында калыбына
келтирилген тарыхый жайлар, эстеликтер ................ 23
Кайталоо ...................................................................... 27
Мурасыбыз – сыймыгыбыз ........................................... 29
Журтубузда белгилене турган жалпы элдик
майрамдар. Үй-бүлөлүк салттар ................................ 33
Музыканын адамдын жашоосундагы орду ................ 36
Мамлекетибиз аймактарындагы ырчылык өнөрүнүн
өзүнө мүнөздүүлүгү ..................................................... 39
Конституциябыз – бактыбыз пайдубалы .................. 42
Биздин укук жана милдеттерибиз. Мыйзам-эреже,
тартип түшүнүктөрү ..................................................... 44
Биз Өзбекстан жарандарыбыз ..................................... 47
Өз алдынча окуу үчүн ................................................... 49

## II БӨЛҮМ. КУДУРЕТТҮҮ ЖУРТТУН ДЕНИ СОО ПЕРЗЕНТТЕРИ

Журт тынчтыгы үчүн бардыгыбыз жоопкербиз ......... 51
Биздин армия ........................................................ 54
Сергек жашоо мүнөзү ............................................ 57
Энелик менен балалык мамлекеттин коргоосунда ... 60
Өнөрдүн жаманы болбойт. Өнөрлүү – өнөөр ............ 63
Кесиптердин өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү .............. 66
Эмгектенүү жана кесип тандоо укугу ......................... 69
Ким болсом экен? (Практикалык сабак) ..................... 72

## III БӨЛҮМ. ИЗГИЛИК – ЖЕТКИЛЕҢДИККЕ ЖЕТЕЛЕЙТ

Изги сапаттар – инсандын көркү ................................ 75
Руханият инсанды улуулайт ........................................ 78
Сыйкырдуу сөздөр ..................................................... 81
Мектеп – эң куттуу турак ........................................... 84
Адеп-ахлак эрежелери (Практикалык сабак) ............. 87
Жалпылаштыруучу сабак ........................................... 90

**MOHIRA XOLIQOVA, SHAHNOZA ERGASHEVA**

*O‘quv nashri*

# «ODOBNOMA»

Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining 4-sinfi uchun darslik

*(Qirg‘iz tilida)*

*Tuzatilgan va to‘ldirilgan to‘rtinchi nashr*

Ташкент – «Yangiyo‘l poligraf servis» – 2017
Басманын лицензиясы AI №185, 10.05.2011 жыл.

Которгон – Г. Токтобаев
Редактору — А. Зулпихорова
Тех. редактору — М. Рыксиев
Сүрөтчү — М. Рыксиев

Оригинал макеттен басууга уруксат этилди 25.07.2017.
Форматы 70x90 1/16. «Arial» гарнитурасы.
Офсеттик басма ыкмасында басылды. Офсеттик кагаз.
Басма табагы 6,0. Шарттуу басма табагы 7,02.
Нускасы 722.
Заказ № 4744.

«Sharq» БПАК басмаханасында басылды.
100000, Ташкент ш., Буюк Турон көчөсү, 41.

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| Т/н | Окуучунун аты, фамилиясы | Окуу жылы | Окуу китебинин алынгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчисинин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | | | | | | |
| 2 | | | | | | |
| 3 | | | | | | |
| 4 | | | | | | |
| 5 | | | | | | |
| 6 | | | | | | |

**Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлери негизинде толтурулат:**

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажырабаган. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызыктар жок. |
| Канааттандырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китептин негизги бөлүгүнөн ажыралуу абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада калыбына келтирилген. Айрылган барактары кайра жабыштырылган, айрым беттерге чийилген. |
| Канааттандырарлык эмес | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүктөн ажыраган же бүтүндөй жок. Беттери жыртылган, барактары жетишпейт, сызып, боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |